КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

# ИНФЛЯЦИЯ БОЮНЧА БАЯНДАМА

2013-жылдын I чейреги

НАЦИОНАЛЬНЫЙ БАНК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ОБЗОР ИНФЛЯЦИИ

I квартал 2013



Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

# Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама 2013-жылдын I чейреги

2013-жылдын май айы

Бишкек

# *Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама*

**Редакциялык кеңеш:**

Төрага: Абдыбалы тегин С.

Кеңештин мүчөлөрү Урустемов С.А.
Исакова Г.А.
Бердигулова А.Р.

Жооптуу катчы: Айдарова А.К.

Басылманын мазмунуна байланыштуу маселелер боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 3312) 66-90-51 телефону,
(996312) 61-07-30 факсы
aaidarova@nbkr.kg электрондук дареги боюнча кайрылсаңыздар болот.

Басылманын таркатылышына байланыштуу суроолор боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 3312) 66-90-09 телефону,
(996312) 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот
Электрондук почта: pr@nbkr.kg
http://www.nbkr.kg

Басылма, республикадагы жана анын региондорундагы керектөө бааларынын динамикасынын чагылдырылышын жана инфляциянын негизги факторлорун иликтөөлөрдү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясат жагындагы чечимдери жөнүндө маалыматты камтыйт жана анда келерки мезгилге инфляциялык болжолдоолор келтирилет. Чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2013-жылдын 26-апрели.

Уюштуруучу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.

Басылма, Кыргыз Республикасынын Адилет Министрлигинде каттоодон өткөртүлгөн, жалпыга маалымдоо каражаттарын каттоо жөнүндө 628-номериндеги күбөлүккө ээ.
«Издательский дом «Позитив» ЖЧК басма борборунда басууга даярдалды жана басылып чыгарылды.
100 нускада чыгарылат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2013-жыл.

Басылма, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз кайрадан басылып чыгарылууга жана кайсыл формада жана кандай каражаттар аркылуу болбосун таркатылууга тийиш эмес. Басылманы көчүрүп басууда жана которууда «Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама» басылмасына милдеттүү түрдө таянуу зарыл.

# Мазмуну

**1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛ.................4**

1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы суроо-талап жана сунуш ..................4

1.1.1. Суроо-талап.....................................................................................................4

1.1.2. Сунуш .............................................................................................................8

1.2. Акча-кредит чөйрөсүндөгү тенденциялар ..........................................................10

1.3. Тышкы экономикалык шарттар.........................................................................14

1.4. Алмашуу курсу ...............................................................................................16

**2-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР.................................................17**

2.1. Керектөө бааларынын индексинин динамикасын иликтөөлөр .............................17

2.2. Азык-түлүк товарларына баа динамикасы.........................................................17

2.3. Азык-түлүктөн башка товарларга баа динамикасы ............................................18

2.4. Кызмат көрсөтүүлөргө баа динамикасы............................................................20

2.5. Аймактарда керектөө бааларынын динамикасы ..................................................21

2.6. Базалык инфляция ..........................................................................................22

**3-ГЛАВА. ДҮЙНӨЛҮК ТОВАРДЫК-ЧИЙКИ ЗАТ РЫНОКТОРУНА БАЯНДАМА....23**

3.1. Дүйнөлүк азык-түлүк рынокторуна баяндама.....................................................23

3.2. Дүйнөлүк энергопродукциялар рыногуна баяндама ...........................................24

**4-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ БОЮНЧА ЧЕЧИМДЕРИ......................................................26**

4.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери...............................................26

4.2. Акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин негизги чечимдери ............................28

**5-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ КӨРСӨТКҮЧҮН БОЛЖОЛДООЛОР.......................................29**

5.1. Инфляциянын негизги факторлорунун динамикасын болжолдоолор ......................29

5.2. Инфляцияны 2013-жылга болжолдоолор.............................................................31

**СТАТИСТИКАЛЫК ТИРКЕМЕ ...................................................................................33**

**ГЛОССАРИЙ ..............................................................................................................37**

**КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ .............................................................................40**

# 1-глава. Кыргыз Республикасындагы экономикалык абал

## 1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы суроо-талап жана сунуш


### 1.1.1. Суроо-талап

Алдын-ала маалыматтар боюнча ИДӨнүн номиналдык көлөмү 2012-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда реалдуу мааниде 7,6 пайызга көбөйүү менен 2013-жылдын январь-март айларында 59,0 млрд. сомду түзгөн; ал эми 2012-жылы ИДӨ көлөмү 8,4 пайызга төмөндөгөн. «Кумтөр» кен казып алуу ишканаларын эске албаганда, ИДӨ көлөмү 2013-жылдын январь-март айларында 4,9 пайызга (2012-жылы тиешелүү көрсөткүчтүн өсүшү 3,7 пайызды түзгөн) өскөн. ИДӨ дефлятору 2012-жылдын январь-март айларындагы 14,1 пайызга караганда 3,6 пайыз деңгээлинде түптөлгөн.

2012-жылдын жыйынтыгы боюнча[1] кирешелерди эсептөө ыкмасы боюнча эсептелген ИДӨ 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда экспорттун 11,3 пайызга кыскарышынын эсебинен 0,9 пайызга төмөндөгөн (2011-жылдын жыйынтыгы боюнча өсүш 6,0 пайызды түзгөн) 2012-жылы ички суроо-талаптын өсүшү (түпкү керектөөгө чыгашалардын суммасы жана дүң топтоо) 15,0 пайызды түзсө, 2011-жылы тиешелүү көрсөткүчтүн өсүшү 7,7 пайыз чегинде катталган эле.

**1.1.1-сүрөт. ИДӨ-нүн жана акча которууларынын өзгөрөгүү динамикасы**

*(бир мезгил ичинде)*




Алдын-ала маалыматтар боюнча 2013-жылдын январь-март айларында жеке адамдардын акча каражаттарынын акча которуу системалары боюнча агылып кирүүсүнүн өсүшү сакталып турган, мында өсүш арымы басаңдоо тенденциясын сактап турат. Россияда экономикалык өсүш арымдын басаңдоосунун таасиринен улам, акча которуулардын өсүш арымдарынын төмөндөөсү белгиленген. 2013-жылдын январь-март айларында акча которуулардын таза агылып кирүүсү 11,7 пайызга көбөйүү менен 351,2 млн. АКШ долларын түзгөн, ал эми 2012-жылдын январь-март айларында өсүш 18,8 пайыз чегинде түптөлгөн болчу.

[1] Мында жана мындан ары текст боюнча: кыйла мурунку мезгилге карата шилтемелер 2013-жылдын биринчи чейреги үчүн маалыматтардын жоктугу менен шартталган.

Акча которуулардын жалпы көлөмүндө негизги үлүштү мурдагыдай эле, КМШ өлкөлөрүнөн (Россиядан – 97,4 пайыз, Казакстандан – 1,2 пайыз) түшүүлөр ээлейт. Алыскы чет өлкөлөрдөн жеке адамдардын акча которууларынын жалпы агылып кирүүсүндө 1,4 пайыз келип түшкөн.

**1.1.1-таблица. Кыргыз Республикасынын жеке адамдарынын которуу системалары боюнча акча которуулары***

*(млн. АКШ долл.)*

| | 2010 | 2011 | 2012 | январь-март 2012 | январь-март 2013** |
|---|---|---|---|---|---|
| **Сальдо** | **1 124,9** | **1 505,4** | **1 768,5** | **314,3** | **351,2** |
| **Агылып кирүүлөр** | **1 252,6** | **1 695,4** | **2 017,9** | **363,8** | **422,9** |
| КМШ өлкөлөрү | 1 199,3 | 1 639,4 | 1 980,4 | 355,2 | 417,0 |
| Казакстан | 35,0 | 41,2 | 33,8 | 6,6 | 5,2 |
| Россия | 1 164,3 | 1 597,5 | 1 946,2 | 348,5 | 411,8 |
| Башка өлкөлөр | 0,0 | 0,7 | 0,5 | 0,1 | 0,1 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 53,3 | 56,0 | 37,5 | 8,6 | 5,9 |
| Бельгия | 0,2 | 1,4 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Улуу Британия | 1,4 | 1,5 | 1,2 | 0,3 | 0,4 |
| Германия | 9,9 | 15,7 | 9,5 | 1,1 | 1,5 |
| АКШ | 41,7 | 36,1 | 25,0 | 6,9 | 3,6 |
| Башка өлкөлөр | 0,1 | 1,3 | 1,8 | 0,2 | 0,3 |
| **Агылып чыгуулар** | **127,6** | **190,1** | **249,4** | **49,5** | **71,7** |
| КМШ өлкөлөрү | 125,8 | 185,8 | 243,8 | 48,3 | 70,5 |
| Казакстан | 0,4 | 0,7 | 0,6 | 0,2 | 0,1 |
| Россия | 125,4 | 184,9 | 242,8 | 48,0 | 70,1 |
| Башка өлкөлөр | 0,0 | 0,3 | 0,4 | 0,1 | 0,4 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 1,8 | 4,3 | 5,6 | 1,2 | 1,1 |
| Бельгия | 0,5 | 0,6 | 0,3 | 0,0 | 0,0 |
| Германия | 0,3 | 1,4 | 1,4 | 0,2 | 0,1 |
| АКШ | 0,9 | 2,0 | 2,5 | 0,9 | 0,6 |
| Башка өлкөлөр | 0,2 | 0,3 | 1,4 | 0,1 | 0,4 |


* - Anelik, Blizko, Contact, Migom, MoneyGram, Western Union, Unistream, Золотая Корона, Лидер, Быстрая почта, Аллюр жана башка которуу системалары, ошондой эле "Кыргызпочтасы" мамлекеттик ишканасы аркылуу

**Алдын ала алынган маалыматтар

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин 2012-жылдын январь-июнь айларында үй чарбачылыгын тандап изилдөөлөрүнүн натыйжасында калктын квинтиль топтору боюнча акчалай кирешелеринин түзүмүндө кирешелердин жалпы көлөмүндө алардын концентрациялануу үлүшү көбүрөөк кирешелүү калктын пайдасына түптөлөт. Алсак, кыйла камсыз болгон топтун кирешелеринин үлүшү 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 5,7 п.п. көбөйүү менен калктын кирешелеринин жалпы көлөмүндө 49,2 пайызды түзгөн. Азыраак камсыз болгон калктын 20 пайызынын үлүшү 1,6 п.п. төмөндөө менен 4,8 пайыз чегинде катталган.

**1.1.2-сүрөт. Калктын квинтиль топтору боюнча акчалай кирешелеринин түзүмү**

*(бир мезгил ичинде)*




Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын алдын-ала маалыматтары боюнча 2013-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 3,1 млрд. сомду же ИДӨгө карата 5,2 пайызды түзгөн, ал эми 2012-жылдын тиешелүү мезгилинде бюджеттин тартыштыгы ИДӨгө карата 1,8 пайыз өлчөмүндө катталган.

Финансылык эмес активдерди сатуудан кирешени кошо алганда, мамлекеттик бюджеттин жалпы кирешелери өткөн жылдын биринчи чейрегиндеги тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 23,6 пайызга же 4,1 млрд. сомго көбөйүү менен 21,5 млрд. сомду (ИДӨгө карата 36,5 пайызды) түзгөн. Операциялык иштен кирешелер 21,5 млрд. сом же ИДӨгө карата 36,4 пайыз чегинде түптөлгөн. Операциялык кирешелердин өсүшүнө олуттуу салымды алынган расмий трансферттер (11,1 п.п.) кошушкан, ал эми салыктын кирешелердин салымы 9,2 п.п., салыктык эмес кирешелердики – 3,8 п.п. түзгөн.

Финансылык эмес активдерди сатып алууга кеткен чыгашаларды кошо алганда, мамлекеттик бюджеттин жалпы чыгашалары 2012-жылдын январь-март айларындагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 0,6 пайызга же 0,1 млрд. сомго бир аз көбөйүү менен ИДӨгө карата 18,5 млрд. сомду же 31,3 пайызды түзгөн.

Операциялык ишке чыгашалар 17,9 млрд. сом же ИДӨгө карата 30,4 пайыз чегинде катталган. Жалпысынан алганда, ИДӨгө карата субсидияларга жана социалдык жөлөк пулдарга чыгашалардан башка, бардык бюджеттик чыгашалардын кыскаруусу белгиленген. Чыгашалардын бул тобунун өсүшүнө негизги салымды калкты социалдык камсыздандыруу боюнча пенсиянын базалык бөлүгүн төлөөгө чыгашалар кошушкан, аны каржылоо Кыргыз Республикасынын Президентинин 2009-жылдын 26-майындагы №252 Жарлыгына ылайык, 80 пайыз өлчөмдө республикалык бюджеттен жүзөгө ашырылат (2012-жылы республикалык бюджеттен каржылоо 60 пайыз өлчөмүндө жүзөгө ашырылган).


Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун алдын-ала маалыматтары боюнча Социалдык фонддун бюджетинин тартыштыгы 0,2 млрд. сомду же ИДӨгө карата 0,4 пайызды, кирешелери– 7,7 млрд. сомду же ИДӨгө карата 13,1 пайызды, чыгашалары – 8,0 млрд. сомду же ИДӨгө карата 13,5 пайызды түзгөн.

Консолидацияланган бюджеттин (мамлекеттик бюджет + Социалдык фонддун бюджети) профицити отчеттук мезгил ичинде 2,8 млрд. сом же ИДӨгө карата 4,8 пайыз чегинде түптөлгөн. Кирешелер 25,4 млрд. сомду же ИДӨгө карата 43,0 пайызды, чыгашалар – 22,5 млрд. сомду же ИДӨгө карата 38,2 пайызды түзгөн.

МАЗМУНУ

**1.1.3-сүрөт. Мамлекеттик бюджеттин аткарылышы**

*(бир мезгил ичинде)*




Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча негизги капиталга инвестициялардын көлөмү 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда реалдуу мааниде 9,7 пайызга көбөйүү менен 6,9 млрд. сомду түзгөн.

**1.1.2-таблица. Негизги капиталга каржылоо булактары боюнча инвесторлор**

| | январь-март 2012 | январь-март 2013 | январь-март 2013 | |
|---|---|---|---|---|
| | бардыгы, *млн.сом* | | үлүшү, *пайыздар* | реалдуу өсүш арымы, *пайыздар* |
| **Бардыгы болуп** | **6 104,6** | **6 900,5** | **100,0** | **109,7** |
| **Ички инвестициялар** | **5 250,7** | **5 312,4** | **77,0** | **98,2** |
| Республикалык бюджет (өзгөчө кырдаалдарга каражаттарды кошо алганда) | 85,6 | 92,8 | 1,3 | 105,3 |
| Жергиликтүү бюджет | 10,9 | 25,9 | 0,4 | в 2,3 р. |
| Ишкана жана уюмдардын каражаттары | 2 727,9 | 2 013,2 | 29,2 | 71,6 |
| Банктын кредити | - | 117,4 | 1,7 | 122,5 |
| Калктын каражаттары | 2 426,3 | 3 063,1 | 44,4 | - |
| **Тышкы инвестициялар** | **853,9** | **1 588,1** | **23,0** | **в 1,8 р.** |
| Чет өлкө кредити | 165,5 | 1 104,2 | 16,0 | в 6,5 р. |
| Тике чет өлкө инвестициялары | 448,9 | 232,5 | 3,4 | 50,3 |
| Чет өлкө гранттары жана гуманитардык жардам | 239,5 | 251,4 | 3,6 | 101,9 |

*Булагы: Улуттук статистика комитети*

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде инвестициялардын тармактык түзүмүндө негизги үлүштү тоо-кендерин казып чыгаруу өнөр жайы (19,8 пайыз), кайра иштеп чыгуу өнөр жайы (16,4 пайыз), транспорт жана байланыш (8,2 пайыз), электроэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү (3,9 пайыз) ээлейт. Мында, 2012-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда инвестицияларды негизги капиталга өздөштүрүү деңгээли тоо-кендерин казып чыгаруу өнөр жай объекттеринде 25,3 пайызга төмөндөгөн. Тармактарды каржылоо негизинен ишканалардын жана уюмдардын (94,3 пайыз) каражаттарынын эсебинен жана тике чет өлкө инвестицияларынын эсебинен (5,7 пайыз) жүзөгө ашырылган.

2013-жылдын январь-март айларында инвестицияларды негизги капиталга өздөштүрүүнүн көлөмү кайра иштеп чыгуу өнөр жайында 2,7 эсеге өскөн, каржылоо чет өлкө кредитинин каражат эсебинен (80,2 пайыз), негизинен, Кара-Балта шаарындагы мунайды кайра иштетүү заводунун курулушуна 770,3 млн. сомду тартуунун эсебинен жүзөгө ашырылган.

Транспорт жана байланыш объектилерин курууга кеткен инвестициялардын көлөмүнүн өсүшү 2013-жылдын январь-март айларында өткөн жылдын ушул эле айларына карата 32,3

пайызды түзгөн. Тармакты каржылоо ишканалардын жана уюмдардын (53,6 пайыз), чет өлкө гранттарынын жана гуманитардык жардамдын (19,5 пайыз) жана чет өлкө кредиттеринин (17,2 пайыз) эсебинен жүзөгө ашырылган.

Курулуш секторунда электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү объекттерине өздөштүрүлгөн инвестициялардын деңгээли 2012-жылдын январь-март айларына салыштырганда 27,2 пайызга төмөндөгөн. Инвестициялардын негизги көлөмү (64,8 пайыз) ишканалардын, уюмдардын жана чет өлкө кредиттеринин каражаттарынын эсебинен (17,2 пайыз) каржыланган.

### 1.1.2. Сунуш

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде ИДӨнүн калыптанышына негизги салымды негизинен, «Кумтөр» кен казып алуу ишканаларында өндүрүштүн көлөмүнүн калыбына келишинин эсебинен кайра иштеп чыгуу өнөр жайы (3,8 п.п.), соода (1,2 п.п.), транспорт жана байланыш (0,8 п.п.) кошушкан. Мында, товарларды жана кызматтарды жыйынтыктап сунуштоо түзүмү 2013-жылдын январь-март айларында олуттуу деле өзгөргөн эмес жана төмөнкүчө түптөлгөн: ИДӨнүн жалпы көлөмүндө башка кызмат көрсөтүүлөр сектору 23,4 пайызды, өнөр жай – 21,4 пайызды, соода – 16,2 пайызды, транспорт жана байланыш – 11,1 пайызды ээлешкен.

**1.1.3-таблица. Ишкердиктин айрым түрлөрүнүн ИДӨнүн өсүшүнө/төмөндөшүнө салымы**

| | январь-март 2012 | | январь-март 2013 | |
|---|---|---|---|---|
| | өсүш арымы, пайыздар | өсүшкө салым, п.п. | өсүш арымы, пайыздар | өсүшкө салым, п.п. |
| **Ички дүң өнүм** | **-8,4** | **-8,4** | **7,6** | **7,6** |
| Дүң кошулган нарк | -8,4 | -7,5 | 7,6 | 6,5 |
| Айыл чарба, мергенчилик жана токой чарбасы | 0,8 | 0,1 | 1,5 | 0,2 |
| Тоо кендерин казып алуу өнөр жайы | -1,1 | 0,0 | -2,3 | 0,0 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | -43,5 | -10,8 | 28,4 | 3,8 |
| Электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүшт | 24,9 | 1,4 | -1,5 | -0,1 |
| Курулуш | -3,5 | -0,1 | 14,5 | 0,5 |
| Соода, ремонт | 6,2 | 0,9 | 7,4 | 1,2 |
| Мейманканалар жана тойканалар | 4,7 | 0,1 | 6,2 | 0,1 |
| Транспорт жана байланыш | 8,4 | 0,9 | 7,4 | 0,8 |
| Финансылык ишкердик | 0,9 | 0,0 | 10,8 | 0,1 |
| Кыймылсыз мүлк менен операциялар, ижара | -3,9 | -0,2 | -1,3 | -0,1 |
| Мамлекеттик башкаруу | 3,5 | 0,2 | -1,8 | -0,1 |
| Билим берүү | 5,4 | 0,2 | 1,2 | 0,1 |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызматтарды сунуштоо | 2,0 | 0,0 | 2,1 | 0,1 |
| Коммуналдык жана персоналдык кызматтарды сунуштоо | -6,0 | -0,1 | 1,9 | 0,0 |
| Продукттарга таза салыктар | -8,4 | -0,9 | 7,6 | 1,1 |

*Булагы: Улуттук статистика комитети*

**Ишкердиктин айрым түрлөрүнүн ИДӨнүн өсүшүнө/төмөндөшүнө салымы, 2011-жылдагы бааларда**

| | 2011-ж. январь-март | | | 2012-ж. январь-март | | | | 2013-ж. январь-март | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | номиналдык ИДӨ | өсүш арымы | өсүшкө салым | номиналдык ИДӨ | 2011-ж. бааларда ИДӨ | өсүш арымы | өсүшкө салым | номиналдык ИДӨ | 2011-ж. бааларда ИДӨ | өсүш арымы | өсүшкө салым |
| Айыл чарба, мергенчилик жана токой чарбасы | 3 846,8 | 0,4 | 0,0 | 5 531,0 | 3 878,5 | 0,8 | 0,1 | 5 590,9 | 3 936,6 | 2,3 | 0,2 |
| Өнөр жай | 15 833,8 | -0,4 | -0,1 | 10 745,0 | 11 062,8 | -30,1 | -9,4 | 12 643,7 | 13 087,2 | -17,3 | -5,4 |
| *Тоо кендерин казып алуу өнөр жайы* | 323,9 | 25,3 | 0,1 | 442,4 | 320,4 | -1,1 | 0,0 | 497,3 | 313,1 | -3,3 | 0,0 |
| *Кайра иштетүү өнөр жайы* | 12 616,0 | -7,9 | -1,9 | 7 126,7 | 7 128,0 | -43,5 | -10,8 | 9 290,7 | 9 152,4 | -27,5 | -6,8 |
| *анын ичинде "Кумтөр"* | 9 233,9 | -8,1 | -1,4 | 4 117,4 | 3 448,3 | -62,7 | -11,4 | 5 720,4 | 4 820,8 | -47,8 | -8,7 |
| *анын ичинде Кумтөрдү эске албаганда кайра иштетүү өнөр жайы* | 3 382,1 | -7,5 | -0,5 | 3 009,3 | 3 679,7 | 8,8 | 0,6 | 3 570,3 | 4 150,7 | 22,7 | 1,5 |
| *Электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү* | 2 893,9 | 28,2 | 1,6 | 3 175,9 | 3 614,4 | 24,9 | 1,4 | 2 855,7 | 3 560,1 | 23,0 | 1,3 |
| Курулуш | 1 681,7 | -7,8 | -0,3 | 1 722,6 | 1 622,8 | -3,5 | -0,1 | 2 031,7 | 1 858,0 | 10,5 | 0,3 |
| Соода | 7 686,3 | -0,9 | -0,1 | 8 367,2 | 8 161,0 | 6,2 | 0,9 | 9 585,9 | 8 764,2 | 14,0 | 2,1 |
| Транспорт жана байланыш | 5 128,4 | 12,7 | 1,2 | 5 835,1 | 5 559,3 | 8,4 | 0,9 | 6 564,5 | 5 970,2 | 16,4 | 1,7 |
| Башкалар | 10 885,7 | 0,8 | 0,2 | 13 175,5 | 10 988,3 | 0,9 | 0,2 | 13 803,3 | 11 061,8 | 1,6 | 0,3 |
| Продукттарга таза салыктар | 5 628,2 | 1,0 | 0,1 | 7 594,2 | 5 155,4 | -8,4 | -0,9 | 8 791,3 | 5 547,2 | -1,4 | -0,2 |
| **Ички дүң өнүм** | **50 690,9** | **1,0** | 1,0 | **52 970,6** | **46 428,1** | **-8,4** | -8,4 | **59 011,3** | **49 946,1** | **-1,5** | -1,5 |
| **Кумтөрдү эске албаганда ИДӨ** | **41 457,0** | **2,9** | 2,4 | **48 853,2** | **42 979,8** | **3,7** | | **53 290,9** | **45 069,3** | **8,7** | |

ИДӨнү 2011-жылдагы бааларда эсептөө тастыктап тургандай, 2013-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча Кыргызстандын экономикасы 2011-жылдагы деңгээлине чейин алигиче калыптана элек. 2013-жылдын январь-март айларындагы ИДӨ көлөмү 2011-жылдагы көрсөткүчтөн 1,5 пайызга төмөн. Бул динамика 2012-жылдагы төмөндөөдөн кийин өлкөдө экономикалык жигердүүлүктүн жай калыбына келип жаткандыгын айгинелеп турат.

Иштеп чыгуу өнөр жайында өндүрүштүн күндөлүк көлөмү 2011-жылдын январь-март айларындагы деңгээлге алигиче жете элек. Мында, ИДӨнүн калыптанышына алгылыктуу салым курулуш, айыл чарба жана кызмат көрсөтүү сектору тарабынан кошулган.

Алдын-ала маалыматтар боюнча 2013-жылдын январь-март айларында өнөр жай өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн индекси (ФКИ) 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 18,6 пайызга өскөн (2012-жылы өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү 28,0 пайызга төмөндөгөн). Өнөр жай өндүрүшүнүн ФКИсинин көбөйүүсү негизинен, башка металл эмес жана минерал продукттарын өндүрүүнүн (3,3 эсе), металл өндүрүшүндө жана даяр металл буюмдарын өндүрүүдө (42,6 пайызга), жыгачты иштетүүдө жана жыгачтан жасалган буюмдарды өндүрүүдө (36,7 пайызга) өндүрүштүн көлөмүнүн калыбына келишине шартталган. «Кумтөр» кен казып алуу боюнча ишканаларды эске албаганда, өнөр жай өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн индексинин 5,7 пайыз деңгээлге өсүшү белгиленген.

Айыл чарбасында алдын-ала маалыматтар боюнча кароого алынып жаткан мезгил ичинде ФКИ өсүшү 1,5 пайыз деңгээлинде белгиленген (2012-жылдын январь-март айларында айыл чарба өндүрүшүнүн көлөмү 0,8 пайызга өскөн). Кароого алынып жаткан мезгилде айыл чарбасындагы өсүшкө өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүүнүн көлөмүнүн өсүшү таасирин тийгизген. Республиканын көптөгөн аймактарында мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүүнүн көлөмү өскөн.

Соода жүгүртүү 7,1 пайызга (2012-жылдын тиешелүү мезгилинде 7,3 пайызга көбөйүү байкалган) көбөйгөн. Соода жүгүртүү түзүмүндө автоунааларды жана мотор майларын (55,1 пайыз) сатууну жана дүң сооданы (29,6 пайыз) кошпогондо, чекене соода көбүрөөк салыштырма салмакты ээлейт.

**1.1.4-таблица. Соода операцияларын дүңүнөн жүгүртүү динамикасы жана түзүмү**

| | январь-март 2012 | | январь-март 2013 | |
|---|---|---|---|---|
| | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| **Соода** | **100,0** | **107,3** | **100,0** | **107,1** |
| Авто жана мото техникаларын, алардын тетиктерин сатуу | 3,0 | 102,1 | 2,7 | 106,0 |
| Техникалык тейлөө жана автоунааларды ремонттоо | 0,59 | 5,60 | ,5 | 104,8 |
| Дүң соода | 30,3 | 107,2 | 29,6 | 103,6 |
| Мотор майларын чекене сатуу | 11,0 | 116,8 | 11,9 | 121,7 |
| Автоунааларды жана мотор майларын сатуудан тышкары, чекене сатуу | 55,0 | 106,1 | 55,1 | 106,3 |
| Тиричилик жана өздүк керектөө буюмдарын ремонттоо | 0,29 | 4,20 | ,2 | 95,0 |

*Булагы: Улуттук статистика комитети*

МАЗМУНУ

МАЗМУНУ

## 1.2. Акча-кредит чөйрөсүндөгү тенденциялар

### Акча базасы

Акча базасы 2013-жылдын биринчи чейрегинде 1,2 пайызга же 789,9 млн. сомго (2012-жылдын биринчи чейрегинде азаюу 1,9 пайызды түзгөн) кыскаруу менен 63,7 млрд. сомду түзгөн. Акча базасынын төмөндөөсүнө аны 935,4 млн. сомго кыскарткан Өкмөттүн операциялары таасирин тийгизсе, Улуттук банктын операциялары акча базасын 145,5 млн. сомго көбөйткөн.

Салыштыруу үчүн: 2012-жылдын биринчи чейрегинде акча базасы 1,0 млрд. сомго азайган. Улуттук банктын операциялары акча базасын 2,3 млрд. сомго кыскартса, Өкмөттүн операциялары 1,3 млрд. сомго көбөйткөн.

Улуттук банк инфляцияны монетардык түзүүчүлөрдү чектөө максатында 2013-жылдын январь-март айларында Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын көлөмүн жыл башындагы 3,1 млрд. сомдон жылдын март айынын акырына карата 3,7 млрд. сомго чейин өстүргөн. Репо шарттарында сатылган жүгүртүүдөгү МБКлардын көлөмү байкоого алынып жаткан мезгил ичинде 0,5 млрд. сом (жыл башында – 0,8 млрд. сом) чегинде катталган.


Отчеттук жылдын январь-март айларында жүгүртүүдөгү акча 56,7 млрд. сомду түзүү менен 2,7 пайызга (2012-жылдын январь-март айларында –3,1 пайызга) кыскарган.

### М2 акча топтому

М2 акча массасы (М0 + сом түрүндөгү депозиттер) 2013-жылдын биринчи чейрегинде 1,4 пайызга азаюу менен (2012-жылдын ушул эле мезгилинде көбөйүү 0,7 пайызды түзгөн) ушул эле жылдын 1-апрелине карата 76,4 млрд. сомду түзгөн. М2 акча топтомун түзүүчүлөр төмөнкүчө өзгөргөн: банктардан тышкаркы акчалар (М0) 2,2 пайызга кыскарган, ал эми сом түрүндөгү депозиттер 0,4 пайызга көбөйүп, анын ичинде которулма (талап боюнча төлөнүүчү) депозиттердин 3,6 пайызга азаюусунда мөөнөттүү депозиттер 9,3 пайызга көбөйгөн.

**1.2.1-сүрөт. Акча топтомдорунун жылдык номиналдык өсүш арымы**

*(пайыздар)*




## M2X акча топтому

M2X (M2 + чет өлкө валютасындагы депозиттер) кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын көлөмү 2013-жылдын январь-март айларында 0,5 пайызга (өткөн жылдын ушул эле мезгилинде –1,8 пайызга) көбөйүү менен ушул эле жылдын 1-апрелине карата 99,0 млрд. сомду түзгөн. M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын аныктамасына кирген депозиттердин жалпы көлөмү 3,9 пайызга көбөйгөн, анын ичинде чет өлкө валютасындагы депозиттер 7,6 пайызга көбөйгөн (2012-жылдын январь-март айларында депозиттердин жалпы көлөмү 8,1 пайызга көбөйгөн, мында банктардан тышкаркы акчалар 2,5 пайызга кыскарган).

Секторлор боюнча M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын компонеттеринин ортосунда башка секторлордун-резиденттердин депозиттери өскөн, алардын өсүшү отчеттук жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча 8,8 пайызды түзгөн. Финансылык эмес корпорациялардын депозиттери каралып жаткан мезгил ичинде 1,5 пайызга көбөйгөн, ал эми финансылык корпорациялардын депозиттери 27,2 пайызга азайган.

**1.2.2-сүрөт. Коммерциялык банктардын депозиттеринин жылдык номиналдык өсүш арымы**




2013-жылдын январь-март айларынынын натыйжалары боюнча M2X акча массасынын түзүмү төмөнкүчө өзгөргөн:

– банктардан тышкаркы нак акчалардын үлүшү 55,4 пайыздан 53,9 пайызга чейин азайган;
– сом түрүндөгү депозиттердин үлүшү 23,3 пайыз деңгээлинде сакталып турган;
– чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү 21,3 пайыздан 22,9 пайызга чейин көбөйгөн.

Финансылык ортомчулук даражасын мүнөздөгөн M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча мультипликатору каралып жаткан мезгилде жыл башындагы 1,527 ден 2013-жылдын март айынын акырына карата 1,543 кө чейин көбөйгөн.


М2Х акча топтому боюнча эсептелген экономиканы монеттештирүү коэффициенти акча массасынын өсүш арымынын экономиканын өсүш арымына салыштырганда артышынын натыйжасында жыл башындагы 29,0 пайыздан отчеттук жылдын биринчи чейрегинин акырына карата 30,0 пайызга чейин көбөйгөн. Ушуга ылайык, М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акчанын жүгүртүү тездиги жыл башындагы 3,4 төн 2013-жылдын март айынын акырына карата 3,3 кө чейин төмөндөгөн.

**Банктар аралык рыноктогу операциялар**

Банк тутумунда үстөк ликвиддүүлүктүн көлөмү финансы рыногун өнүктүрүүнүн негизги тенденцияларын калыптандыруу процессине олуттуу таасирин тийгизген факторлордун бири катары отчеттук жылдын 1-апрелине карата 2,9 млрд. сомду түзгөн. Минималдуу маани февралдын акыркы декадасында катталган, мында бул көрсөткүчтүн деңгээли 2,1 млрд. сом белгисине чейин төмөндөгөн.

**1.2.3-сүрөт. Акча рыногунун чендеринин динамикасы**

*(пайыздар)*




Отчеттук жылдын биринчи чейрегинде карыз алуулардын жалпы көлөмү («овернайт» кредиттерин эске албаганда) өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 28,5 пайызга, 1,0 млрд. сомго чейин төмөндөгөн. Ушуну менен бирге эле, сом түрүндөгү карыздардын агрегирленген өлчөмү («овернайт» кредиттерин кошо алганда) 1,3 млрд. сомду түзүү менен 13,3 пайызга азайган. Репо-операциялары боюнча бүтүмдөрдө да олуттуу түшүү белгиленген, анын көлөмү 583,3 млн. сом деңгээлинде түптөлүү менен 55,3 пайызга азайган. Репо операциялары боюнча пайыздык чендин орточо салмактанып алынган мааниси 7,0 пайыздык пунктка, 3,4 пайызга чейин азайган.


Кредиттик ресурстардын ички банктар аралык рыногунда улуттук валютадагы жөнөкөй кредиттик бүтүмдөрдүн чогуу алгандагы көлөмү жылдык 8,5 пайыз (-1,5 п.п.) орточо пайыздык чен менен 434,7 млн. сомду түзгөн. Отчеттук мезгилде чет өлкө валютасындагы бүтүмдөр жүргүзүлгөн эмес.

2013-жылдын март айынын акырына карата абал боюнча эсептик чен жыл башынан бери 0,34 п.п. жогорулоо менен 2,98 пайызды түзгөн. Натыйжада, «овернайт» кредиттери боюнча чен бир мезгил ичинде орточо 3,5 пайыз өлчөмүндө түптөлүү менен жылдык эсептөөдө 10,1 п.п. төмөндөгөн, ал эми мындай кредиттердин көлөмү жыл ичинде 71,4 пайызга, 297,4 млн. сомго чейин өскөн.

2012-жылдын акырында Улуттук банк тарабынан каржылоо максаттары үчүн жаңы инструмент – кредиттик аукцион киргизилген. Коммерциялык банктарга кайра каржылоого жана ликвиддүүлүктү колдоого улуттук валютада кредиттик ресурстарды убактылуу берип туруу, аны киргизүүнүн негизги максаты болуп саналган. Кредиттик каражаттар 1 айдан 6 айга чейинки мөөнөттө берилет. 2013-жылдын биринчи чейрегинде 6 айлык мөөнөткө кредит берүү менен 1 аукцион өткөрүлгөн. Коммерциялык банктарга берилген кредиттик ресурстардын жалпы көлөмү 95,0 млн. сомду түзгөн.

Инвесторлор тарабынан Улуттук банктын көбүрөөк кирешелүү жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталары негизги суроо-талап менен колдонулган. Жарыяланган эмиссиянын чогуу алгандагы көлөмү 2012-жылдын январь-март айларындагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 25,4 пайызга көбөйүү менен 11,1 млрд. сом чегинде катталган.

**1.2.4-сүрөт. Улуттук банктын ноталарынын кирешелүүлүк динамикасы**





Кароого алынып жаткан мезгил ичинде МКВлардын жарыяланган эмиссиясынын көлөмү 1,6 млрд. сомду түзгөн. Отчеттук мезгилде МВКларды сатуунун чогуу алгандагы көлөмү 2012-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 56,6 пайызга, 1,6 млрд. сомго чейин жогорулаган. МКВлар кирешелүүлүгүнүн орточо айлык көрсөткүчү 2012-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 8,5 пайызга (-3,7 п.п.) азайган, мындай азаюу кагаздардын бардык түрлөрү боюнча кирешелүүлүктүн төмөндөөсүнүн эсебинен жүргөн, айрыкча 3, 6, жана 12 айлык МКВлардын кирешелүүлүгү, тиешелүүлүгүнө жараша 1,1, 4,8 жана 3,8 п.п. төмөндөгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде МКОлордун үч аукциону өткөрүлгөн, анда жалпысынан 356,0 млн. сом суммасында облигация жайгаштырылган, бул 2012-жылдын тиешелүү мезгилиндегиге караганда 16,6 пайызга көп. Отчеттук жылдын биринчи чейрегинде жарыяланган эмиссиянын жалпы көлөмү 466,0 млн. сом (+13,4 пайыз) чегинде катталган.

Кагаздардын эмиссия көлөмүнүн өсүшүнүн алкагында жүргөн, рынок жигердүүлүгүнүн жогорулашынан кийин орточо айлык пайыздык чендин 1,0 п.п., 15,0 пайызга чейин бир аз төмөндөөсү жүргөн.

**1.2.5-сүрөт. МКВнын кирешелүүлүк динамикасы**





## 1.3. Тышкы экономикалык шарттар[1]

Алдын-ала маалыматтар боюнча, Кыргыз Республикасынын соода балансынын тартыштыгы 2013-жылдын биринчи чейрегинде өткөн жылдын салыштыруу үчүн алынган көрсөткүчүнө караганда 29,2 пайызга көбөйгөн жана 729,7 млн. АКШ долларын түзгөн.

Тышкы соода жүгүртүү отчеттук мезгил ичинде 1 476,2 млн. АКШ долларын түзгөн, бул өткөн жылдын биринчи чейрегиндеги көрсөткүчө караганда 5,8 пайызга көп.

**1.3.1-сүрөт. Тышкы соода**

*(млн. АКШ долл.)*




2013-жылдын отчеттук чейрегинде товарлардын экспорту (ФОБ баасында) өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда 10,0 пайызга кыскаруу менен 373,2 млн. АКШ долларын түзгөн. Отчеттук чейрек ичинде алтындын экспортунун көлөмү 24,4 пайызга (абсолюттук мааниде 30,0 млн. АКШ долларына) төмөндөгөн. Натыйжада, бул статьянын салыштырма салмагы экспорттун чогуу алгандагы көлөмүндө 30,9 пайызга чейин азайган. Төмөндөө берүүлөрдүн физикалык көлөмү (22,1 пайызга) сыяктуу эле, экспорттук баанын да (3,0 пайызга) төмөндөөсүнүн эсебинен жүргөн. Мындан тышкары, кийимди жана ага тиешелүү буюмдарды, пахтаны, жашылчаларды, чоюнду жана болотту, автоунаа бензинин ж.б. берүүлөрдүн да кыскарышы байкалган. Ушуну менен катар эле, авиаотундун, жүктөрдү ташуу үчүн автоунаалардын

[1] Мында жана мындан ары Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен КР УСКнын жана МБКнын маалыматтары боюнча, эгерде башкасы көрсөтүлбөсө.

жана атайы багытка каралган автоунаалардын, башка органикалык эмес заттардын, тапталган айнектин ж.б. экспортунун көлөмүнүн көбөйүүсү белгиленген. Ошентип, алтынды эске албаганда экспорт 31,5 пайызга төмөндөгөн жана 280,4 млн. АКШ долларын түзгөн.

Отчеттук мезгилде экспорттолуучу товарлардын негизги топторунун салыштырма салмагы[1] олуттуу деле өзгөрүүгө дуушар болгон эмес. Нарктык көлөмүнүн өсүшүнүн натыйжасында, инвестициялык товарлардын үлүшү 7,4 пайыздан 10,3 пайызга чейин көбөйгөн. Калган топтордун нарктык көлөмү төмөндөгөн, мында салыштырма салмактар бир аз гана өзгөргөн.

Керектөө багытындагы товарлардын экспортунун көлөмү 15,4 пайызга төмөндөгөн жана 70,1 млн. АКШ долларын түзгөн. Мында, азык-түлүк товарлары боюнча азык-түлүктөн башка товарларга караганда кыйла көбүрөөк кыскаруу жүргөн (тиешелүүлүгүнө жараша, 18,4 пайыз жана 12,7 пайыз).

Азык-түлүк товарларын берүүнүн төмөндөөсү, негизинен, берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 18,7 пайызга төмөндөөсүнүн жана экспорттук баалардын 10,3 пайызга өсүшүнүн натыйжасында, жашылчалардын экспортунун нарктык көлөмүнүн азаюусунан улам (10,3 пайызга же 1,9 млн. АКШ долларына) келип чыккан. Мында, экспорттук баалардын 13,9 пайызга төмөндөөсүнүн алкагында, берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн көбөйүүсүнүн натыйжасында жемиштерди жана жаңгактарды ташып чыгуунун нарктык көлөмүнүн өсүшү (11,4 пайызга же 0,9 млн. АКШ долларына) жүргөн. Мындан тышкары, эт жана эт азыктарынын экспортунун көлөмү (54,4 пайызга же 0,6 млн. АКШ долларына) көбөйгөн, бул экспорттук баалардын 3,1 эсеге өсүшү жана физикалык көлөмдүн 50,8 пайызга төмөндөөсү менен аныкталган.

Азык-түлүктөн башка товарлардын түзүмүндө экспорттун көлөмүнүн кыскаруусу кийим жана ага тиешелүү буюмдар менен камсыз болгон (29,4 пайызга же 7,9 млн. АКШ долларына). Ушуну менен катар эле, ысытуу лампаларынын экспортунун көлөмүнүн 26,4 пайызга же 1,3 млн. АКШ долларына өсүшү белгиленген, бул берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 6,1 пайызга төмөндөөсүндө баалардын 34,7 пайызга өсүшүнүн эсебинен жүргөн.

Товарлардын импорту[2] ФОБ баасында 2013-жылдын отчеттук чейрек ичинде 12,6 пайызга өскөн жана 1 103,0 млн. АКШ долларын түзгөн. Импорт динамикасын баалардын 4,6 пайызга өсүшү шартында берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 30,2 пайызга өсүшү менен камсыз болгон, 37,4 пайызга же 83,0 млн. АКШ долларына көбөйгөн мунай заттарын берүүлөр аныктаган. Ташылып келинүүчү товарлардын көлөмүнүн өсүшүнө олуттуу салымды жүк ташуу үчүн автоунаалар жана атайын багытка каралган автоунаалар, чоюн жана болот, таш, кум жана шагыл, механикалык күрөктөр жана экскаваторлор, дан азыктары ж.б. кошушкан. Мында, мурда пайдаланууда болгон автоунааларды, электрдик линиялык телефон аппараттарын, эт жана эт азыктарын, баштапкы формадагы пластмассаны, жер семирткичтерди жана башкаларды ташып келүүнүн кыскаруусу байкалган.

Импорттун функционалдык түзүмүндө[3] кароого алынып жаткан мезгил ичинде нарктык көлөмүнүн төмөндөөсүнүн натыйжасында керектөө товарларынын салыштырма салмагынын 28,8 пайызга чейин азаюусу байкалган. Калган башка топтордун үлүшү көбөйгөн, бул нарктык көлөмүнүн өсүшү менен шартталган.

Отчеттук чейректе керектөө багытындагы товарлардын импорту 344,4 млн. АКШ доллары өлчөмүнө (7,8 пайызга азаюу жүргөн) жеткен. Төмөндөө азык-түлүктөн башка товарларды берүүлөрдүн 13,6 пайызга кыскарышынан улам келип чыккан, ал эми товарлардын азык-түлүк тобун берүүлөр 3,5 пайызга өскөн.

---

[1] Мында жана мындан ары Улуттук банктан кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда, КР УСКнын жана КР МБКнын маалыматтары боюнча.

[2] СИФ Импорту 1196, 6 млн. АКШ долларын, соода балансынын тартыштыгы – 823,4 млн. АКШ долл. түзгөн.

[3] Мында жана мындан ары СИФ бааларында, Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда КР УСКнын жана МБКнын маалыматтары боюнча.

МАЗМУНУ

Азык-түлүктөн башка товарлардын түзүмүндө берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 48,0 пайызга жана айкын экспорттук баалардын 16,8 пайызга кыскаруусунун эсебинен мурда пайдаланууда болгон автоунаалардын импортунун 56,8 пайызга же 60,8 млн. АКШ долларына төмөндөөсү байкалган. Мындан тышкары, кийим-кечени жана ага тиешелүүлөрдү берүүлөрдүн көлөмү 10,3 пайызга төмөндөгөн. Мында, баалардын 0,4 пайызга төмөндөөсү шартында, физикалык көлөмдүн 45,8 пайызга өсүшү импорттун нарктык көлөмүнүн 45,2 пайызга (же 3,6 млн. АКШ долларына) көбөйүүсүнө алып келген. Мындан тышкары, дары-дармектердин импорту (4,5 пайызга же 1,5 млн. АКШ долларына) да өскөн, ал физикалык көлөмдүн 3,7 пайызга жана тыштан киргизилген товарларга баалардын 0,7 пайызга көбөйүүсү менен камсыз болгон.

Азык-түлүк товарлар түзүмүндө физикалык көлөмдүн 1,1 пайызга төмөндөөсү шартында импорт бааларынын 15,0 пайызга өсүшүнүн натыйжасында башка тамак-аш азыктарынын импортунун көлөмү (13,8 пайызга же 1,1 млн. АКШ долларына өскөн) көбөйгөн. Ушуну менен бирге эле, бир эле учурда баалардын 28,0 пайызга өсүшү шартында, ташылып келинүүчү товарлардын физикалык көлөмүнүн 48,2 пайызга төмөндөөсү эт жана эт азыктарынын импортунун нарктык көлөмүнүн 33,6 пайызга (же 6,0 млн. АКШ долларына) төмөндөөсүн шарттаган.

## 1.4. Алмашуу курсу


2013-жылдын биринчи чейрегинде АКШ долларынын алмашуу курсунун өзгөрүүсүнүн ар багыттуу тенденциясы байкалган. Алсак, отчеттук жылдын февраль айында, доллардын мурунку айда бекемделишинен кийин алмашуу курсу, негизинен, чет өлкөдөн акча которуулар системасы боюнча агылып кирүүлөрдүн көбөйүүсүнүн эсебинен, 0,4 пайызга төмөндөгөн.

Бирок, март айында америка валютасынын наркы кайрадан өскөн - АКШ долларына суроо-талапты колдоонун негизги себептеринен болуп, банк кардарларынын импорттук контрактыларын тейлөө боюнча операцияларынын көлөмүн сактоо саналат.

Ошентип, өтүп жаткан жылдын алгачкы үч айында АКШ долларынын алмашуу курсу 1,2 пайызга, 1 АКШ доллары үчүн 47,4012 сомдон 47,9610 сомго чейин өскөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде валюта рыногунун сакталып турган туруктуулугу Улуттук банкка акча-кредиттик жөнгө салуунун жарыяланган милдеттерине ылайык валюта рыногуна катышууну минималдаштыруу саясатын улантууга өбөлгө түзөт.

**1.4.1-сүрөт. АКШ долларынын эсептик курсунун өзгөрүш арымы**



# 2-глава. Инфляция жана аны түзүүчүлөр


## 2.1. Керектөө бааларынын индексинин динамикасын иликтөөлөр

Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча 2013-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча инфляция көрсөткүчү (2013-жылдын март айы 2012-жылдын март айына карата) 7,8 пайызды түзөт, мында 2013-жылдын февраль айына салыштырганда март айында баалар 0,1 пайызга төмөндөгөн.

Керектөө бааларынын динамикасы 2013-жылдын январь-март айында мурдагыдай эле, керектөө куржунунда 48 пайызга жакынды ээлешкен азык-түлүк товарларына баалардын таасири астында түптөлгөн. Товарлардын бул тобуна баа жылдык мааниде 6,0 пайызга көбөйгөн.

**2.1.1-сүрөт. КБИнин жылдык динамикасы жана аны түзүчүлөр**

*(пайыздар)*




Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде азык-түлүктөн башка товарларга керектөө бааларынын индекси 7,9 пайызга, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө –10,0 пайызга, алкоголдуу ичимдиктерге жана тамеки заттарына – 12,0 пайызга көбөйгөн.


## 2.2. Азык-түлүк товарларына баа динамикасы

Азык-түлүк товарларына баа жылдык мааниде отчеттук жылдын март айынын жыйынтыгы боюнча 6,0 пайызга өскөн, ал эми 2012-жылдын март айынын жыйынтыгы боюнча азык-түлүккө баа 8,2 пайызга төмөндөгөн. Товарлардын бул тобуна баалардын өзгөрүлмөлүүлүгүнө олуттуу салымды нан азыктары жана тарууу кошот, анткени бул товардык топ дүйнөлүк товардык-сырьелук рыноктордогу баалардын таасирине көбүрөөк дуушар болгон. Мында, нан азыктарына баалардын күндөлүк динамикасы туруктуулугун сактап турат, көбүнчө бул, республикада жана дан эгиндерин өндүрүүчү өлкөлөрдө мол түшүмдүн алынышынын күтүлүп жатышына шартталган.

Өтүп жаткан жылдын башталышынан бери этке жана кантка баанын өсүш арымынын басаңдоосу байкалган, буларга баа жылдык мааниде, тиешелүүлүгүнө жараша 1,6 жана 8,0 пайызга төмөндөгөн.

**2.2.1-сүрөт. Азык-түлүк товарларына жылдык КБИде баа салымынын динамикасы**

*(пайыздар)*





Азык-түлүк товарларына ички баалардын дүйнөлүк баа динамикасына өтө эле көз карандылыгы, көбүнчө, Кыргызстан экономикасынын азык-түлүк импортуна өтө көз карандылыгы менен шартталган. Алсак, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча 2012-жылы импорттун үлүшү нан азыктарын керектөө түзүмүндө 67,5 пайызды, буудайды керектөөдө жана аны кайра иштетүүдөн алынган продукттарда импорттун үлүшү 68,6 пайызды, керектөөдөгү өсүмдүк майларынын импорту 69,4 пайызды түзгөн, кантты керектөө 83,8 пайыздык импорт менен камсыз болгон.

## 2.3. Азык-түлүктөн башка товарларга баа динамикасы

2013-жылдын март айынын жыйынтыгы боюнча азык-түлүктөн башка товарларга баа индекси жылдык мааниде 7,9 пайызды түзгөн. Акыркы жылдарда товарлардын бул тобуна баа салыштырмалуу туруктуулугун сактап келет, мында азык-түлүктөн башка товарларга баанын өсүшү жыл сайын басаңдоодо, бул Кыргызстан экономикасында инфляцияны монетардык түзүүчүлөрдүн төмөндөгөндүгүн тастыктап турат.

**2.3.1-сүрөт. Азык-түлүктөн башка товарларга карата баанын өсүш динамикасы**


*(кийинки жылдын тиешелүү айына карата пайыздарда)*




Азык-түлүктөн башка товарларга баанын өсүшүнө олуттуу салымды отчеттук жылдын биринчи чейрегинде «кийим жана бут кийим» товарлар тобу кошкон, буларга карата баа 13,9 пайызга өскөн, ал эми үй-тиричилик буюмдарына жана тиричилик техникасына баа ушул эле жылдын март айынын жыйынтыгы боюнча 9,4 пайызга өскөн. Күйүүчү-майлоочу материалдардын наркы жылдык мааниде 2,8 пайызга, анын ичинде бензинге баа 2,5 пайызга, дизель отунуна баа 5,2 пайызга өскөн.

**2.3.2-сүрөт. Азык-түлүктөн башка товарларга баалардын жылдык КБИде салымынын динамикасы**

*(пайыздар)*




## 2.4. Кызмат көрсөтүүлөргө баа динамикасы

Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баа индекси жылдык мааниде 2013-жылдын март айынын жыйынтыгы боюнча 10,0 пайызга (2012 -жылы - 9,9 пайызга) өскөн. Бул топто индекстин өсүшү негизинен, транспорт кызмат көрсөтүүлөрүнүн 9,3 пайызга кымбатташынын эсебинен жүргөн. Тойканалардын жана мейманканалардын кызматтары 11,5 пайызга, билим берүү кызмат көрсөтүүлөрү – 8,4 пайызга, саламаттыкты сактоо – 10,6 пайызга кымбаттаган.

**2.4.1-сүрөт. Кызмат көрсөтүүлөргө баалардын жылдык КБИде салымынын динамикасы**

*(пайыздар)*



## 2.5. Аймактарда керектөө бааларынын динамикасы

Отчеттук жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча республиканын аймактарында керектөө бааларынын өсүшү 1,5 пайыз чегинде түптөлгөн жана Ош областында гана 2013–жылдын башталышынан тартып баа 2,1 пайызга өскөн.

**2.5.1-таблица. Аймактарда керектөө бааларынын динамикасы**


*(пайыздар)*

| | 2013-ж. март | | |
|---|---|---|---|
| | **2012-ж. мартына** | **2012-ж. декабрына** | **2013-ж. февралына** |
| **КБИ** | **107,8** | **101,1** | **99,9** |
| Баткен областы | 106,7 | 101,0 | 100,5 |
| Жалал-Абад областы | 108,7 | 100,8 | 100,0 |
| Ысык-Көл областы | 109,5 | 100,1 | 100,4 |
| Нарын областы | 110,1 | 101,4 | 100,2 |
| Ош областы | 109,2 | 102,1 | 100,5 |
| Таласс областы | 105,2 | 100,9 | 99,9 |
| Чүй областы | 106,6 | 100,9 | 99,7 |
| Бишкек ш. | 107,5 | 101,1 | 99,8 |

Бишкек шаарында керектөө баалары 7,5 пайызга өскөн, мында тамак–аш азыктары 5,5 пайызга, алкоголдуу ичимдиктер жана тамекилер 11,2 пайызга, азык-түлүктөн башка товарлар – 7,9 пайызга жана акы төлөнүүчү кызматтар – 9,9 пайызга өскөн.

**2.5.1-сүрөт. Жылдык инфляциянын аймактык түзүмү**

*(пайыздар)*







МАЗМУНУ

## 2.6. Базалык инфляция

Кыргыз Республикасынын УСКнын ыкмасы боюнча эсептелген базалык инфляциянын жылдык мааниси 8,2 пайызды түзгөн, ал эми «арылтылбаган» инфляция 7,8 пайыз чегинде катталган. Базалык инфляция 4түн көрсөткүчүнүн графикалык чагылдырылышы (мында азык-түлүк товарлары, электрэнергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү), азык-түлүк рыногунда түптөлгөн тенденциялар республикада керектөө бааларынын динамикасы үчүн аныктоочу болуп саналаарын тастыктап тураарын белгилей кетүү зарыл. Базалык инфляции 4түн көрсөткүчү туруктуу динамикага жана маанилердин бир аз дисперсиясына ээ.

**2.6.1-сүрөт. Базалык инфляциянын эсептик көрсөткүчүнүн жылдык динамикасы**




Базалык инфляция 1 – товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) нан азыктары жана таруу 2) май жана тоң майлар 3) жемиштер жана жашылчалар; 4) газ 5) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар.

Базалык инфляция 2 – товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) эт 2) жемиштер жана жашылчалар 3) газ; 4) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар

Базалык инфляция 3 – товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) нан азыктары vжана таруу 2) сүт азыктары 3) жемиштер жана жашылчалар; 4) газ 5) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар

Базалык инфляция 4 – азык-түлүк товарлары жана электрэнергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү толугу менен алынып салынат.

Базалык инфляция-УСК – сүт, кант, мөмө жемиш жана алкоголдук-тамеки продукцияларынын айрым түрлөрү, КММ, «электр энергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү» товардык тобу, жүргүнчүлөрдү ташуу транспорту, байланыш жана башка айрым кызмат көрсөтүүлөр сыяктуу товарлар алынып салынат.

# 3-глава. Дүйнөлүк товардык-чийки зат рынокторуна баяндама


## 3.1. Дүйнөлүк азык-түлүк рынокторуна баяндама

Дүйнөлүк азык-түлүк рынокторунда баа туруктуулугун сактап келет. Мында, отчеттук жылдын биринчи чейрегинде дан эгиндер рыногунда 2013-14-маркетинг жылдары (2013 июлу- 2014- июну) мол түшүм алуунун күтүлүүсүнүн алкагында төмөндөө тенденциясы орун алып турган. Отчеттук жылдын март айында ФАО азык-түлүк бааларынын индексинин орточо мааниси 212 пункту түзгөн, бул өткөн жылдагы март айындагы көрсөткүчтөн 1,7 пайызга жана 2011-жылдын февраль айындагы рекорддук деңгээлинен дээрлик 11 пайызга төмөн.

ФАО аналитиктеринин пикири боюнча алдыдагы сезондун перспективасы төмөнкүчө, эгерде негизги өндүрүүчүсү аймактарда алгылыктуу аба–ырайы шарттары сакталып турса, 2013-жылы эле дан эгиндерди өндүрүү көлөмүнүн бир кыйла калыбына келишин күтүүгө болот. Алгылыктуу баа шарттарында айдоо аянттарынын кеңейиши жана 2012-жылдагы дан эгиндерин өндүрүүнүн төмөнкү деңгээлинен кийин түшүмдүүлүктүн калыбына келиши, өндүрүүнүн көлөмүнүн калыбына келишинин негизги факторлорунан болуп саналышат.

**3.1.1-сүрөт. 2012-2013-жылдагы азык-түлүк товарларына карата баалардын динамикасы**

*(бир тонна үчүн АКШ долларында)*




Россия Федерациясынын Айыл-чарба министрлиги 2013-жылы дан эгиндерин жыйноонун болжолун 2012-жылдагы 70,9 млн. тоннага каршы 90-95 млн. тонна көлөмүндө тактаган. Дан эгиндер интервенцияларын жүргүзүү стратегиясы боюнча болжолдоолорду аныктоонун алкагында 2013-жылы дан эгиндер түшүмүнүн 80 млн. тонна жана экспортунун 14 млн. тонна деңгээлинде пессимисттик сценарий иштелип чыккан.

Рыноктун көпчүлүк аналитиктери Россияда дан эгиндеринин түшүмү 2013-жылы 2012-жылга караганда кандай болбосун жакшы болооруна ишенишет, муну Россиянын түндүгүндөгү Причерномор аймагындагы күздүк эгиндердин алгылыктуу абалда болушу да айгинелеп турат.

Жакынкы убакта дүйнөлүк азык-түлүк рынокторунун перспективалары баалардын олуттуу өзгөрүүсүн же сунуштун жеткиликсиз болушун алдын-ала билдирбейт. Дүйнөлүк азык-түлүк рынокторунун туруктуулугу Кыргызстанда керектөө бааларынын туруктуулук деңгээли үчүн негиз болуп саналат.

### 3.2. Дүйнөлүк энергопродукциялар рыногуна баяндама


2013-жылдын биринчи чейрегинде энергопродукциялардын дүйнөлүк рыногу баалардын өзгөрүлмөлүүлүгү менен мүнөздөлгөн. Алсак, отчеттук жылдын январында жана февраль айынын биринчи жарымында мунайга карата баа өсүшкө ык коюу тенденциясын сактап турган.

2013-жылдын февраль айынын экинчи жарымында дүйнөлүк мунай рыногунда баанын өсүшү дүйнөлүк экономиканын жайлашынын алкагында, басаңдаган: АКШдагы жана Кытайдагы алгылыксыз макростатистика жана европадагы экономикалык абал мунайга баанын төмөндөөсүнө өз салымдарын кошушкан.

Жалпысынан, отчеттук жылдын январь-март айларында негизги сортторго баа (Urals, Brent, WTI) баррелине 90,1 – 120,1 АКШ доллары диапазонунда өзгөрүп турган. Мында, «Brent» маркасындагы мунайга орточо баа, кароого алынып жатан мезгил ичинде 113,7 АКШ доллары деңгээлинде түптөлгөн, бул 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 5,1 пайызга (119,7 АКШ долларына) төмөн.

**3.2.1-сүрөт. 2013-жылдын январь-март айларындагы мунайга карата баа динамикасы**

*(бир баррель үчүн АКШ доллары)*




2013-жылдын биринчи чейрегинде Кыргызстанда КММга баа өзгөргөн эмес, мында Кыргыз Республикасынын УСКнын маалыматтары боюнча АИ-92 маркасындагы бензинге орточо баа бир мезгил ичинде 39,14 сомду түзгөн, бул 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 6,1 пайызга жогору.

МАЗМУНУ

Дизель отунуна баа отчеттук жылдын январь-март айларында олуттуу деле өзгөргөн эмес жана орточо 40,1 сомду түзгөн, бирок, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда баа 6,8 пайызга өскөн.

Жазгы талаа иштерин жүргүзүүгө 21,2 миң тонна дизель отуну алынып келинген, бул керектөөнүн 50,1 пайызын (бардыгы болуп 41,2 миң тонна дизель отуну) түзөт. КММны ташып келүүлөрдө үзгүлтүктөр байкалган эмес, бирок жазгы-талаа иштери башталаардын алдында дизель отунуна баанын жогорулоосу күтүлүүдө, бул ички рынокто гана эмес, Россияда жана Казакстанда да дизель отунуна болгон сезондук суроо-талапка шартталган.

Өтүп жаткан жылы дүйнөлүк экономиканын басаңдоосунун күтүлүп жаткандыгына карабастан, энергопродукциялар рыногунун аналитиктери өтүп жаткан жылда мунайды дүйнөлүк керектөөнүн өсүшүнүн күтүлүп жатышынын алкагында, отчеттук жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча мунайга дүйнөлүк баанын өсүшү боюнча өз болжолдоолорун өзгөртүшкөн эмес. ОПЕКтин ар айлык жаңыртылган баяндамада көрсөтүлгөн болжолдоолоруна ылайык 2013-жылы мунайды керектөөнүн 89,7 млн. б/с чейин өсүшү күтүлүүдө. Жалпысынан, эксперттер отчеттук жылы мунайга орточо баанын баррелге 120-130 АКШ доллары диапазонунда белгиленишин күтүшүүдө.

# 4-глава. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясаты боюнча чечимдери

## 4.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери

Төмөндө Кыргыз Республикасынын Улуттук Банк Башкармасынын 2013-жылдын январь-март айында кабыл алынган, акча-кредит саясаты боюнча негизги чечимдеринин тизмеси келтирилген:

1. Акча-кредит чөйрөсүндө учурда орун алып турган жагдайга баа берүү жана экономиканын өнүгүүсүнө иликтөөлөрдү жүргүзүү максатында, Улуттук банк Башкармасы 2013-жылдын 27-февралында 2012-жыл үчүн акча-кредит саясаты жөнүндө отчетту карап көрүп, кабыл алган (№5/1 токтом) жана келээрки мезгилге каралган акча-кредиттик программаны жактырган. Акча-кредиттик программа кыска мөөнөттүү мезгилде акча–кредит саясатынын негизги багыттарын жана аны ишке ашыруу үчүн индикативдүү параметрлерди аныктайт.

   2012-жыл үчүн акча-кредит саясаты жөнүндө отчеттун кыскартылган версиясы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешине, Президенттин Аппаратына, Кыргыз Республикасынын Өкмөттүк Аппаратына, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жана Экономика министрлигине жөнөтүлгөн, ошондой эле Улуттук банктын расмий веб-сайтына жайгаштырылган

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жаңы Автоматташтырылган тоорук системасынын өнөр жайлык пайдаланууга киргизилгендигине байланыштуу, 2013-жылдын 28-мартында Улуттук Банк Башкармасы тарабынан төмөнкүлөр бекитилген:

– Улуттук банктын ноталарын АТС аркылуу чыгаруу, жайгаштыруу, жүгүртүү жана төлөө тартибин жөнгө салуу максатында, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ноталарын чыгаруу, жайгаштыруу, жүгүртүү жана төлөө жөнүндө» жобо (№10/6);

– Улуттук банктын «овернайт» кредитин АТС аркылуу берүү тартибин жөнгө салуу максатында «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын «овернайт» кредити жөнүндө» жобо (№10/7);

– Улуттук банктын бир күндүк кредитти АТС аркылуу берүү шарттарын жана тартибин жөнгө салуу максатында «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бир күндүк кредити жөнүндө» жобо (№10/8);

– Улуттук банк аркылуу АТСке жайгаштырылуучу мамлекеттик баалуу кагаздардын депозитардык эсебин жүргүзүү тартибин жөнгө салуу максатында «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштырылуучу мамлекеттик баалуу кагаздардын депозитардык эсеби жөнүндө» жөнүндө» жобо (№10/9);

– Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары менен мамлекеттик баалуу кагаздар менен репо-операцияларын Улуттук банктын Автоматташтырылган тоорук системасы аркылуу жүргүзүү тартибин жөнгө салуу максатында «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздар менен репо-операцияларды жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобо (№10/10);

– Улуттук банктын улуттук валютадагы депозиттик операцияларды Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары менен АТС аркылуу жүргүзүү тартибин жөнгө салуу максатында «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын улуттук валютадагы депозиттик операцияларды жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобо (№10/11);

МАЗМУНУ

- Улуттук банктын чет өлкө валютасындагы депозиттик операцияларды Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары менен АТС аркылуу жүргүзүү тартибин жөнгө салуу максатында «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын чет өлкө валютасындагы депозиттик операцияларды жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобо (№10/12);
- Улуттук банктын валюталык своп-операцияларды Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары менен АТС аркылуу жүргүзүү тартибин жөнгө салуу максатында «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын валюталык своп- операцияларды жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобо (№10/13);
- Улуттук банктын экинчилик рынокто мамлекеттик баалуу кагаздарды Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынан аутрайт шарттарында АТС аркылуу сатып алуу тартибин жөнгө салуу максатында «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын экинчилик рынокто мамлекеттик баалуу кагаздарды аутрайт шарттарында (редисконттук операция) сатып алуусу боюнча операцияларды жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобо (№10/14);
- Улуттук банк тарабынан чет өлкө валюталарынын кыргыз сомуна карата расмий курстарынын аныкталышы тартибин жана аларды жарыялоо эрежелерин жөнгө салуу максатында «Чет өлкө валюталарынын кыргыз сомуна карата расмий курстарын аныктоо эрежелери» (№10/15);
- «Кыргыз Республикасынын банктар аралык валюта рыногунда чет өлкө валютасы менен операцияларды АТС аркылуу жүргүзүү тартибин жөнгө салуу максатында «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын автоматташтырылган тоорук системасы аркылуу банктар аралык валюта рыногунда тооруктарды жүргүзүү эрежеси» (№10/16);
- Кыргыз Республикасынын экинчилик рынокто АТС аркылуу МБКлар менен бүтүмдөрдү жүргүзүү тартибин жөнгө салуу максатында «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын автоматташтырылган тоорук системасы аркылуу экинчилик рынокто Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздары менен соода жүргүзүү эрежелери» (10/17);

Жогоруда аталган Жоболордун жана эрежелердин нормалары Автоматташтырылган тоорук системасы өнөр жайлык колдонууга киргизилгенден тартып колдонулат.

## 4.2. Акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин негизги чечимдери

Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети (мындан ары КДКР) акча-кредит чөйрөсүндө ыкчам чечимдерди иштеп чыгууну жана кабыл алууну жүзөгө ашырат. Чечимдер Комитет тарабынан жума сайын кабыл алынат жана акча рыногунда түптөлгөн жагдайга баа берүү натыйжаларына негизделет. Байкоого алынуучу мезгилде банк тутумунда ликвиддүүлүктү жөнгө салуу боюнча операциялардын көлөмү Улуттук банк Башкармасы тарабынан аныкталган, 2013-2015-жылдарга акча-кредит саясатынын негизги багыттарында, келээрки мезгил үчүн акча-кредиттик программада көрсөтүлгөн максаттардан жана маселелерден улам, ошондой эле, банк тутумунун абалын жана салыктык-бюджеттик чөйрөдөгү жагдайды эске алуу менен Комитет тарабынан аныкталат.

Отчеттук жылдын январь-март айларында Комитеттин 12 отуруму өткөрүлгөн. Банк тутумундагы ликвиддүүлүктү жөнгө салуу Улуттук банктын ноталарынын ар жумалык аукциондорун, ошондой эле коммерциялык банктардын үстөк камдарын кошумча алып салуу максатында МБКларды репо шарттарында сатуу боюнча операцияларды өткөрүү аркылуу жүзөгө ашырылат.

Жүргүзүлүп жаткан акча-кредиттик саясатынын алкагында КДКР биринчи чейректе Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын көлөмүн жыл башындагы 3,1 млрд. сом деңгээлинен 2013-жылдын март айынын акырында 3,7 млрд. сомго чейин көбөйткөн. Репо шарттарында сатылган МБКлардын көлөмү 0,5 млрд. сомду (жыл башына карата 0,8 млрд. сомду) түзгөн.

Банк тутумун ликвиддүүлүк менен камсыз кылуу боюнча инструменттер спектрин кеңейтүү максатында Улуттук Банк Башкармасы «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан кайра каржылоо максаттары үчүн кредиттик аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө» жобону (Улуттук банктын 2012-жылдын 14-ноябрындагы №42/3) бекиткен. Кайра каржылоо максаттары үчүн кредиттик аукциондор банктардын ликвиддүүлүктү колдоо жана экономиканы кредиттөө мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө өбөлгө түзөт. Отчеттук жылдын биринчи чейрегинде кайра каржылоо кредити боюнча 95,0 млн. сом көлөмүндө бир аукцион өткөрүлгөн.

# 5-глава. Инфляция көрсөткүчүн болжолдоолор

## 5.1. Инфляциянын негизги факторлорунун динамикасын болжолдоолор


2013-жылдын январь-март айларынын жыйынтыгы боюнча ИДӨ өсүшү 7,6 пайызды түзгөн, ал эми 2012-жылдын ушул эле мезгилинде ИДӨнүн 8,4 пайыз деңгээлинде төмөндөөсү байкалган. ИДӨ көлөмүнүн кароого алынып жаткан мезгилде өсүшү, көбүнчө, «Кумтөр» кен казып алуу ишканасында алтынды казып алуунун калыбына келиши жана төмөнкү базанын тиешелүү эффектисине шартталган. «Кумтөр» кен казып алуу ишканаларын эске албаганда, ИДӨ өсүшү 4,9 пайызды түзгөн.

2013-жылга өлкө экономикасын өнүктүрүү прогнозу төмөнкүдөй болжолдоолордун негизинде иштелип чыккан: ишкер жигердүүлүктүн кеминде потенциалдуу деңгээлде сакталышы, «Кумтөрдө» алтын казып алуунун көлөмүнүн калыбына келши, негизги соода өнөктөш өлкөлөр менен алгылыктуу шарттардын сакталышы, айыл-чарбасын туруктуу өнүктүрүүгө өбөлгө түзгөн аба-ырайынын алгылыктуу шартта болушу.

Бул факторлорду эске алуу менен Улуттук банк 2013-жылы ИДӨнүн 8,3 пайыз деңгээлинде өсүшү боюнча буга чейин иштелип чыккан болжолдоого таянат, ИДӨ дефлятору 10,0 пайыз деңгээлинде күтүлөт, ИДӨнүн номиналдык көлөмү 362,4 млрд. сом деңгээлинде күтүлүүдө. ИДӨнүн өсүшүнө негизги алгылыктуу салым өнөр жай, курулуш жана кызмат көрсөтүү тарабынан күтүлүдө.

**5.1.1-сүрөт. ИДӨ өсүшүн болжолдоо**

*(пайыздарда, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата жыл башынан берки мезгил)*




Кыргызстандын экономикалык өнүгүүсү орто мөөнөттүү мезгил ичинде бир катар факторлорго (экономиканын негизги тармактарынын орточо өсүш арымдары, анын ичинде кайра иштеп чыгуу өнөр жайында өсүштүн сакталып калышы, өлкөдө саясий жагдайдын туруктуулугу) жана тышкы факторлорго (дүйнөлүк товардык-сырьелук рыноктордо баа конъюнктурасынын таасирине дуушар болгон негизги соода өнөктөш өлкөлөрдүн өнүгүүсү) жараша болот. Мында негизги соода өнөктөш өлкөлөрдө экономикалык өсүштүн басаңдашы тобокелдиги да бар. Учурда түптөлгөн тенденцияны эске алуу менен ЭВФ 2013-жылы Россиянын экономикасынын өсүш болжолун 3,7 пайыздан 3,4 пайызга чейин, Кытайдыкын 8,1 пайыздан 8,0 пайызга чейин корректировкалаган.


Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 12-сентябрындагы №613 токтому менен бекитилген болжолдоосунда 2013-жылы Кыргызстан ИДӨсүнүн 7,0 пайыз деңгээлине өсүшү каралган, ал эми ИДӨ дефлятору 8,4 пайыз чегинде болжолдонсо, ИДӨнүн номиналдык көлөмү 354,4 млрд. сом деңгээлинде күтүлүүдө.

Өлкөнүн макроэкономикалык мүмкүнчүлүгүнө баа берүү үчүн потенциалдуу жана айкын ИДӨ ажырымын эсептөө жүргүзүлөт. Отчеттук жылдын январь-март айларында терс ажырым түптөлгөн, ал кароого алынып жаткан мезгил ичинде Кыргызстан экономикасында өлкөнүн өндүрүштүк кубаттуулугу толук эмес көлөмдө ишке киргизилгендигин көрсөтүп турат. Орточо алганда бир мезгил ичинде айкын ИДӨ 3,7 пайызда болгон (көмүскө секторду эске албаганда ИДӨ) жана потенциалдуу ИДӨдөн 9,8 пайызга (көмүскө секторду эске алганда ИДӨ) азыраак болгон.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын болжолдоолорунда көрсөтүлгөн өбөлгөлөрдү эске алуу менен 2013-жылдын жыйынтыгы боюнча ИДӨнүн кыйла алгылыктуу ажырымы орун алышы ыктымал.


**5.1.2-сүрөт. Көмүскө секторго баа берүүлөрдү эске албаганда, ИДӨ ажырымын болжолдоолор**

*(пайыздарда, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата жыл башынан берки мезгил)*



**5.1.3-сүрөт. Көмускө секторго баа берүүлөрдү эске алуу менен, ИДӨ ажырымын болжолдоолор**

*(пайызы, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата жыл башынан берки мезгил)*




Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын реалдуу сектор боюнча болжолдоолору мындан ары жаңы маалыматтардын, күтүүлөрдүн жаралышына, экономиканын өнүгүшүнүн түптөлгөн тенденцияларына жараша корректировкаланат.

## 5.2. Инфляцияны 2013-жылга болжолдоолор

2013-жылы инфляцияны болжолдоо мурдагы деңгээлде сакталып калат жана бир маанилүү көрсөткүчтүн чегинде күтүлүүдө. Мында, инфляциянын күндөлүк болжолдоосунда 2013-жылдын биринчи жарым жылдыгында азык-түлүк товарлар тобуна баалардын мурда күтүлүп жаткандагыдан азыраак өсүшү жана ушул эле жылдын экинчи жарымында туруктуу баа динамикасы каралган. Биздин аймакта азык-түлүккө баанын туруктaшуусу көбүнчө Россияда дан эгиндеринин тартыштыгына тиешелүү жагдайдын алгылыктуу натыйжасына шартталган.


Азык-түлүк товарлар тобуна күндөлүк баа динамикасы туруктуулугун сактап турат жана 2013-14–жылдарда (2013-жылдын июль айы - 2014-жылдын июнь айы) республикада сыяктуу эле, негизги соода өнөктөш өлкөлөрдө да негизги айыл-чарба өсүмдүктөрүнөн мол түшүм алынышын күтүүлөрүнүн алкагында төмөндөө тенденциясына ээ.

Азык-түлүктөн башка товарларына жана акы тэлөнүүчү кызматтарга баа динамикасы өткөн жылдардагы маанилердин чегинде сакталат: товарлардын бул тобу боюнча баанын өсүшү 9-10 пайыз чегинде күтүлүүдө.

МАЗМУНУ

**5.2.1-сүрөт. Инфляциянын жылдык мааниси болжолдоолор**


*(пайызы, өткөн жылдын тиешелүү айына карата айлар)*




Инфляция отчеттук жылдын биринчи чейрегинде 1,1 пайыз деңгээлинде түптөлгөн, бул Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндаманын мурдагы басылмасында жарыяланган Улуттук банк тарабынан болжолдонгон деңгээлден төмөн. Инфляция 2013-жылдын биринчи чейрегинде азык-түлүк товарлар тобуна карата баанын мурда күтүлүп жаткандыгынан азыраак өсүшүнүн таасири астында түптөлгөн.

Отчеттук жылдын экинчи чейрегинде инфляцияны болжолдоодо 2013-14-жылдары мол түшүмдүн күтүлүшүнүн алкагында керектөө бааларынын туруктуулугу каралган. Жалпысынан, 2013-жылдын экинчи чейрегинде инфляция 1,1 пайыз деңгээлинде болжолдонот. Отчеттук жылдын экинчи жарым жылдыгында сезондук факторлордун сыяктуу эле, жаңы айыл-чарба жылында (2013-14 МЖ) мол түшүмдүн күтүлүп жатышынын таасири астында азык-түлүк товарлар тобуна баанын төмөндөөсү күтүлүүдө.

**5.2.2-сүрөт. Инфляция боюнча болжолдоолорду жана фактыларды салыштыруу**






МАЗМУНУ

# Статистикалык тиркеме

## 1-таблица. Керектөө бааларынын индекси

*(өткөн айга карата ай, пайыздарда)*

| | 2012 | | | | | | | | | | | | 2013 | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | январь | февраль | март | апрель | май | июнь | июль | август | сентябрь | октябрь | ноябрь | декабрь | январь | февраль | март |
| **Керектөө бааларынын индекси** | **100,8** | **100,1** | **100,1** | **99,8** | **100,7** | **99,6** | **100,1** | **100,9** | **101,1** | **101,9** | **100,8** | **101,5** | **100,8** | **100,4** | **99,9** |
| Тамак-аш азыктары жана алкоголсуз суусундуктар | 100,6 | 99,3 | 99,5 | 98,8 | 100,1 | 98,7 | 99,6 | 101,3 | 100,8 | 102,6 | 101,3 | 101,8 | 101,4 | 100,2 | 99,5 |
| Алкоголдук ичимдиктер, тамеки | 100,2 | 100,9 | 100,1 | 100,8 | 100,6 | 100,7 | 100,5 | 101,0 | 100,4 | 101,1 | 100,4 | 103,5 | 100,2 | 101,9 | 100,4 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 101,3 | 100,6 | 100,8 | 100,5 | 100,7 | 100,2 | 100,4 | 100,6 | 101,1 | 101,8 | 100,7 | 100,9 | 100,2 | 100,2 | 100,3 |
| Тейлөөлөр | 100,7 | 100,6 | 100,2 | 100,6 | 102,6 | 100,2 | 100,8 | 100,4 | 102,2 | 100,6 | 100,1 | 100,8 | 100,5 | 100,3 | 100,6 |
| **Тамак-аш азыктары жана алкоголсуз суусундуктар** | **100,6** | **99,3** | **99,5** | **98,8** | **100,1** | **98,7** | **99,6** | **101,3** | **100,8** | **102,6** | **101,3** | **101,8** | **101,4** | **100,2** | **99,5** |
| Нан азыктары жана акшак | 98,2 | 98,7 | 99,3 | 99,5 | 99,0 | 99,3 | 101,9 | 107,4 | 100,7 | 104,4 | 100,6 | 100,2 | 100,1 | 100,4 | 100,0 |
| Эт | 101,9 | 99,9 | 98,7 | 99,4 | 99,7 | 99,3 | 99,6 | 99,9 | 99,8 | 101,3 | 99,9 | 99,5 | 99,7 | 100,0 | 100,2 |
| Балык | 102,2 | 100,1 | 101,1 | 102,2 | 100,8 | 99,8 | 101,4 | 101,5 | 102,9 | 104,8 | 101,5 | 100,2 | 99,9 | 100,2 | 100,1 |
| Сүт азыктары, сыр жана жумуртка | 102,2 | 100,3 | 99,0 | 97,3 | 96,1 | 96,3 | 96,9 | 100,0 | 106,4 | 107,3 | 102,3 | 104,5 | 101,3 | 99,3 | 98,7 |
| Май жана тоң май | 100,0 | 99,4 | 99,6 | 99,0 | 99,0 | 99,7 | 99,8 | 100,1 | 101,1 | 101,2 | 99,9 | 100,4 | 100,1 | 99,7 | 100,0 |
| Жемиш менен жашылча | 103,4 | 98,5 | 101,3 | 94,6 | 102,9 | 95,6 | 95,3 | 91,6 | 102,8 | 102,6 | 108,6 | 112,5 | 107,8 | 100,3 | 97,1 |
| Кант, джем, бал, шоколад жана конфеттер | 101,2 | 99,5 | 100,1 | 99,6 | 104,4 | 99,2 | 98,2 | 99,3 | 98,1 | 99,0 | 100,1 | 100,5 | 99,9 | 99,9 | 99,4 |
| Башка категорияларга киргизилбеген тамак-аш азыктары | 101,0 | 100,4 | 99,5 | 99,7 | 100,5 | 100,2 | 100,1 | 100,2 | 102,2 | 100,6 | 100,2 | 100,4 | 100,4 | 100,2 | 100,2 |
| Алкоголсуз суусундуктар | 101,0 | 101,2 | 98,8 | 100,6 | 100,3 | 100,5 | 100,0 | 100,7 | 100,1 | 100,4 | 100,0 | 100,9 | 103,4 | 102,0 | 100,4 |
| **Алкоголдук ичимдиктер, тамеки** | **100,2** | **100,9** | **100,1** | **100,8** | **100,6** | **100,7** | **100,5** | **101,0** | **100,4** | **101,1** | **100,4** | **103,5** | **100,2** | **101,9** | **100,4** |
| Алкоголдук ичимдиктер | 100,1 | 101,2 | 100,0 | 100,9 | 100,5 | 100,2 | 100,2 | 101,3 | 100,5 | 101,4 | 100,5 | 104,8 | 100,0 | 102,4 | 100,2 |
| Тамеки | 100,6 | 99,9 | 100,5 | 100,4 | 100,9 | 101,9 | 101,1 | 100,1 | 100,1 | 100,1 | 100,1 | 100,1 | 100,8 | 100,2 | 101,1 |
| **Кийим жана бут кийим** | **101,9** | **100,2** | **102,2** | **101,9** | **101,2** | **100,6** | **100,3** | **100,4** | **101,4** | **102,5** | **101,2** | **101,4** | **100,7** | **100,8** | **100,9** |
| **Турак жай тейлөөлөрү, суу, электр энергиясы жана башка** | **101,2** | **100,6** | **99,2** | **98,9** | **100,1** | **99,6** | **101,0** | **100,8** | **100,3** | **102,1** | **100,5** | **100,6** | **99,5** | **99,1** | **99,4** |
| **Турмуш-тиричилик буюмдар, тиричилик техникасы** | **101,0** | **101,2** | **100,5** | **100,9** | **101,2** | **100,8** | **99,9** | **100,8** | **100,9** | **101,1** | **100,6** | **100,7** | **100,4** | **100,9** | **100,9** |
| **Саламаттыкты сактоо** | **101,5** | **101,4** | **100,5** | **100,7** | **101,1** | **99,4** | **102,8** | **100,4** | **101,2** | **99,7** | **100,3** | **100,3** | **103,5** | **100,5** | **100,2** |
| **Транспорт** | **99,4** | **100,3** | **99,9** | **100,0** | **105,5** | **100,2** | **101,1** | **101,0** | **99,9** | **100,2** | **100,3** | **100,2** | **100,0** | **100,4** | **100,3** |
| КММ | 99,4 | 98,3 | 99,9 | 100,4 | 100,2 | 99,1 | 100,3 | 101,2 | 100,1 | 102,1 | 101,4 | 99,9 | 99,2 | 99,5 | 99,5 |
| **Байланыш** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,2** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,9** |
| **Эс алууну жана маданий иш-чараларды уюштуруу** | **100,4** | **101,1** | **101,2** | **101,2** | **98,7** | **100,1** | **100,4** | **101,8** | **101,4** | **100,5** | **100,2** | **100,9** | **100,3** | **101,3** | **100,2** |
| **Билим берүү** | **100,3** | **100,0** | **100,1** | **100,0** | **100,1** | **100,0** | **100,2** | **100,0** | **107,8** | **99,9** | **100,0** | **100,0** | **100,3** | **100,0** | **100,0** |
| **Тойканалар жана мейманканалар** | **102,9** | **102,1** | **100,5** | **100,7** | **101,7** | **100,0** | **100,7** | **100,0** | **101,8** | **102,2** | **100,0** | **102,2** | **100,4** | **100,3** | **101,0** |
| **Ар түрдүү товарлар жана тейлөөлөр** | **101,1** | **100,5** | **100,5** | **100,7** | **100,9** | **100,0** | **100,1** | **100,5** | **102,6** | **100,6** | **100,3** | **100,8** | **100,4** | **100,2** | **100,2** |



МАЗМУНУ

## 2-таблица. Керектөө бааларынын индекси

*(ай өткөн жылдын тиешелүү айына карата, пайыздарда)*

| | 2012 | | | | | | | | | | | | 2013 | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | январь | февраль | март | апрель | май | июнь | июль | август | сентябрь | октябрь | ноябрь | декабрь | январь | февраль | март |
| **Керектөө бааларынын индекси** | **103,8** | **102,4** | **100,2** | **99,6** | **100,6** | **99,6** | **100,0** | **102,2** | **104,4** | **106,9** | **107,0** | **107,6** | **107,6** | **107,9** | **107,8** |
| Тамак-аш азыктары жана алкоголсуз суусундуктар | 99,3 | 95,8 | 91,8 | 90,4 | 91,5 | 89,8 | 91,0 | 94,8 | 98,5 | 102,6 | 103,5 | 104,4 | 105,2 | 106,1 | 106,0 |
| Алкоголдук ичимдиктер, тамеки | 109,8 | 110,6 | 109,8 | 110,6 | 110,5 | 110,3 | 109,0 | 109,3 | 109,0 | 109,0 | 107,9 | 110,6 | 110,5 | 111,7 | 112,0 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 110,0 | 110,3 | 110,4 | 110,1 | 110,7 | 109,9 | 109,4 | 109,1 | 110,0 | 111,7 | 110,9 | 109,9 | 108,8 | 108,4 | 107,9 |
| Тейлөөлөр | 109,5 | 110,6 | 109,9 | 110,1 | 111,7 | 111,7 | 110,4 | 110,7 | 110,0 | 109,9 | 109,5 | 110,1 | 109,9 | 109,6 | 110,0 |
| | | | | | | | | | | | | | | | |
| **Тамак-аш азыктары жана алкоголсуз суусундуктар** | **99,3** | **95,8** | **91,8** | **90,4** | **91,5** | **89,8** | **91,0** | **94,8** | **98,5** | **102,6** | **103,5** | **104,4** | **105,2** | **106,1** | **106,0** |
| Нан азыктары жана акшак | 96,1 | 91,1 | 84,3 | 83,2 | 83,1 | 83,1 | 85,0 | 92,1 | 96,8 | 104,1 | 107,0 | 109,1 | 111,2 | 113,1 | 114,0 |
| Эт | 120,8 | 117,1 | 114,5 | 113,7 | 111,5 | 107,0 | 102,4 | 100,6 | 98,5 | 101,0 | 100,6 | 98,8 | 96,7 | 96,9 | 98,4 |
| Балык | 115,1 | 114,2 | 114,4 | 116,5 | 117,8 | 116,6 | 117,6 | 119,3 | 122,2 | 123,8 | 122,7 | 119,9 | 117,2 | 117,4 | 116,3 |
| Сүт азыктары, сыр жана жумуртка | 107,3 | 105,4 | 107,7 | 106,3 | 105,0 | 103,9 | 103,9 | 103,1 | 105,0 | 108,1 | 108,0 | 107,9 | 107,0 | 105,9 | 105,6 |
| Май жана тоң май | 105,0 | 104,2 | 101,2 | 98,9 | 97,1 | 97,4 | 96,9 | 97,0 | 98,0 | 98,9 | 99,0 | 99,1 | 99,3 | 99,6 | 99,9 |
| Жемиш менен жашылча | 76,0 | 73,4 | 70,7 | 68,0 | 74,6 | 70,2 | 78,2 | 89,7 | 103,9 | 104,1 | 103,6 | 108,1 | 112,6 | 114,7 | 109,9 |
| Кант, джем, бал, шоколад жана конфеттер | 98,3 | 93,5 | 92,4 | 91,3 | 95,4 | 94,2 | 90,6 | 86,3 | 91,6 | 97,0 | 98,7 | 98,9 | 97,6 | 98,0 | 97,3 |
| Башка категорияларга киргизилбеген тамак-аш азыктары | 107,6 | 105,4 | 105,9 | 105,4 | 105,8 | 105,7 | 105,2 | 103,7 | 104,3 | 104,8 | 104,8 | 105,0 | 104,4 | 104,2 | 104,9 |
| Алкоголсуз суусундуктар | 110,6 | 110,9 | 106,7 | 106,2 | 107,4 | 105,0 | 104,1 | 104,2 | 103,8 | 104,0 | 104,5 | 104,4 | 106,9 | 107,8 | 109,6 |
| **Алкоголдук ичимдиктер, тамеки** | **109,8** | **110,6** | **109,8** | **110,6** | **110,5** | **110,3** | **109,0** | **109,3** | **109,0** | **109,0** | **107,9** | **110,6** | **110,5** | **111,7** | **112,0** |
| Алкоголдук ичимдиктер | 108,8 | 110,1 | 109,9 | 111,0 | 110,7 | 110,2 | 108,0 | 108,8 | 108,3 | 108,8 | 108,5 | 112,3 | 112,2 | 113,5 | 113,7 |
| Тамеки | 112,3 | 112,0 | 109,4 | 109,5 | 110,0 | 110,9 | 111,4 | 110,7 | 110,5 | 109,3 | 106,5 | 105,9 | 106,1 | 106,4 | 107,1 |
| **Кийим жана бут кийим** | **113,8** | **112,4** | **112,9** | **112,6** | **112,7** | **112,7** | **112,4** | **111,8** | **113,2** | **115,3** | **116,1** | **116,0** | **114,7** | **115,4** | **113,9** |
| **Турак жай тейлөөлөрү, суу, электр энергиясы жана башка** | **103,3** | **104,6** | **104,7** | **104,8** | **106,9** | **106,0** | **106,8** | **107,5** | **107,2** | **110,4** | **108,0** | **105,2** | **103,4** | **101,8** | **102,0** |
| **Турмуш-тиричилик буюмдар, тиричилик техникасы** | **112,5** | **112,7** | **112,7** | **112,9** | **113,9** | **113,3** | **110,8** | **109,9** | **110,6** | **110,4** | **109,4** | **110,0** | **109,3** | **109,0** | **109,4** |
| **Саламаттыкты сактоо** | **112,0** | **112,0** | **111,7** | **112,1** | **112,6** | **111,2** | **113,4** | **111,6** | **111,9** | **110,3** | **110,4** | **109,7** | **111,9** | **110,9** | **110,6** |
| **Транспорт** | **103,4** | **106,9** | **106,6** | **106,2** | **109,5** | **108,6** | **108,0** | **108,9** | **108,0** | **109,5** | **108,1** | **108,1** | **108,7** | **108,9** | **109,3** |
| КММ | 99,0 | 110,4 | 111,1 | 110,3 | 106,3 | 103,7 | 100,8 | 100,0 | 100,3 | 103,0 | 103,7 | 102,2 | 101,9 | 103,2 | 102,8 |
| **Байланыш** | **103,1** | **103,1** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,2** | **100,2** | **100,2** | **100,2** | **100,2** | **100,2** | **100,2** | **100,2** | **101,1** |
| **Эс алууну жана маданий иш-чараларды уюштуруу** | **111,5** | **111,9** | **111,4** | **112,3** | **110,0** | **110,1** | **109,1** | **108,5** | **109,8** | **109,4** | **107,8** | **108,2** | **108,1** | **108,3** | **107,3** |
| **Билим берүү** | **116,0** | **114,9** | **114,9** | **114,9** | **114,8** | **114,8** | **112,1** | **112,2** | **111,8** | **108,5** | **108,6** | **108,4** | **108,5** | **108,5** | **108,4** |
| **Тойканалар жана мейманканалар** | **115,9** | **118,0** | **118,4** | **119,0** | **120,9** | **119,5** | **115,4** | **115,4** | **113,0** | **114,1** | **113,7** | **115,8** | **112,9** | **110,9** | **111,5** |
| **Ар түрдүү товарлар жана тейлөөлөр** | **106,4** | **106,5** | **106,6** | **106,5** | **107,1** | **106,8** | **106,1** | **105,8** | **109,0** | **109,2** | **108,8** | **108,9** | **108,1** | **107,9** | **107,6** |

# 3-таблица. Баалардын жана импорттун физикалык көлөмүнүн 2013-жылдын январь-февраль айлары үчүн

| *Товардын аталышы* | *2013-ж. 2 ай* *млн.АКШ долл.* *n13*p13* | *2012-ж. 2 ай* *млн.АКШ долл.* *n13*p12* | *2012-ж. 2 ай* *млн.АКШ долл.* *n12*p12* | *Индекстер* *баасы* | *физ. көлөмү* | *нар-кы* |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | A | B | C | A/B | B/C | A/C |
| Мунай, мунай заттары жана ушундай эле башка материалдар | 171,7 | 169,6 | 155,4 | 1,01 | 1,09 | 1,11 |
| Чоюн жана болот | 30,3 | 33,1 | 23,1 | 0,91 | 1,44 | 1,31 |
| Газ абалындагы жаратылыш газы | 22,0 | 20,7 | 21,1 | 1,06 | 0,98 | 1,04 |
| Медикаменттер (ветеринардык медикаменттерди кошо алганда) | 20,8 | 21,0 | 19,8 | 0,99 | 1,06 | 1,05 |
| Тартылбаган дан өсүмдүктөрү (полбаны кошо алганда) жана угут | 20,7 | 10,5 | 11,7 | 1,98 | 0,90 | 1,78 |
| Жүк ташуу үчүн автомобилдер жана атайын багытка каралган автомобилдер | 15,7 | 10,6 | 9,8 | 1,48 | 1,09 | 1,61 |
| Эфир майлары, резиноиддер жана парфюмдук заттар | 13,5 | 12,9 | 10,2 | 1,05 | 1,26 | 1,33 |
| Кофе, чай, какао жана алар аралаштырып жасалган таттуу азыктар | 13,3 | 13,7 | 11,6 | 0,98 | 1,18 | 1,15 |
| Резина дөңгөлөктөрү | 13,0 | 8,4 | 9,2 | 1,55 | 0,92 | 1,42 |
| Жер семирткичтер | 10,9 | 11,7 | 13,0 | 0,93 | 0,90 | 0,83 |
| Кагаз, картон жана алардан жасалган буюмдар | 10,8 | 10,2 | 8,1 | 1,06 | 1,26 | 1,33 |
| Кант, кант жана бал кошулуп жасалган азыктар | 10,3 | 9,7 | 13,3 | 1,07 | 0,73 | 0,78 |
| Башка категорияда камтылбаган тамак аш азыктары жана препараттар | 9,4 | 13,2 | 7,5 | 0,71 | 1,78 | 1,27 |
| Органикалык эмес химиялык заттар | 9,4 | 11,4 | 6,7 | 0,83 | 1,70 | 1,40 |
| өсүмдүк майлары жана тоң майлар, чийки заттар | 8,6 | 8,2 | 7,3 | 1,05 | 1,12 | 1,17 |
| Механикалык күрөктөр, экскаваторлор өзү жүрүүчү сузгуч жүктөгүчтөр | 8,3 | 3,1 | 1,4 | 2,71 | 2,12 | 5,75 |
| Таш, кум жана шагыл | 8,2 | 5,0 | 0,5 | 1,65 | 10,51 | 17,31 |
| Электр линиялык телефон же телеграф аппараттары | 7,9 | 13,3 | 14,1 | 0,60 | 0,94 | 0,56 |
| Эт жана эт азыктары | 7,9 | 6,7 | 12,5 | 1,18 | 0,53 | 0,63 |
| Көмүр, кокс жана брикеттер | 7,8 | 7,7 | 8,2 | 1,01 | 0,94 | 0,95 |
| Буудай же угут уну | 7,2 | 5,0 | 4,8 | 1,43 | 1,05 | 1,51 |
| Жасалма текстиль материалдарынан токулган кездемелер | 6,9 | 3,8 | 6,2 | 1,80 | 0,61 | 1,10 |
| Жашылча-жемиштер | 6,3 | 5,8 | 6,5 | 1,08 | 0,89 | 0,96 |
| Ийне жалбырактуу дарактын узатасынан кесилген жыгачтары | 6,1 | 7,0 | 3,4 | 0,88 | 2,03 | 1,78 |
| Баштапкы формадагы пластмассалар | 6,1 | 6,3 | 9,3 | 0,97 | 0,68 | 0,66 |
| Таманы же сырты резинадан же синтетикалык материалдардан жасалган бут кийим | 5,8 | 5,1 | 4,1 | 1,14 | 1,24 | 1,41 |
| Дан азытары, ундан же өсүмдүк жана жашылча крахмалынан жасалган азыктар | 5,4 | 4,5 | 5,3 | 1,20 | 0,84 | 1,01 |
| Идиш жуугучтар; капкактарды тыгындоо үчүн машиналар; таңгактоо; газдаштыруу | 5,2 | 1,5 | 1,3 | 3,56 | 1,12 | 3,97 |
| Тракторлор | 4,8 | 5,0 | 1,3 | 0,97 | 3,89 | 3,78 |
| Башка категорияда камтылбаган баалуулукка жатпаган металлдардан жасалган буюм | 4,8 | 4,6 | 5,4 | 1,05 | 0,85 | 0,89 |
| Баштапкы эмес формадагы пластмассалар | 4,6 | 4,1 | 3,1 | 1,11 | 1,32 | 1,47 |
| Тапталган жыгач жана калыбына келтирилген жыгач | 4,3 | 4,0 | 7,3 | 1,08 | 0,55 | 0,59 |
| Жеңил автомобилдер жана жүк ташууга багытталган транспорт каражаттары | 4,1 | 5,7 | 1,9 | 0,72 | 3,06 | 2,20 |
| Транспорт каражаттары үчүн ичинен күймө поршендик кыймылдаткычтар | 4,1 | 0,7 | 0,3 | 6,09 | 2,03 | 12,34 |
| Кофталар, пуловерлер жана ушундай эле трикотаж же токулган кийим-кечелер | 3,9 | 2,9 | 2,1 | 1,33 | 1,43 | 1,90 |
| Башка категорияларда камтылбаган электр бөлүштүргүч жабдуулар | 3,6 | 2,3 | 1,5 | 1,54 | 1,53 | 2,36 |
| Маалыматтарды автоматтык түрдө иштеп чыгуучу машиналар жана алардын түйүнд | 3,5 | 4,4 | 2,6 | 0,78 | 1,73 | 1,35 |
| Алкоголдук ичкиликтер | 3,1 | 3,6 | 3,1 | 0,86 | 1,14 | 0,98 |
| Маргарин жана кошконмай | 2,9 | 3,0 | 2,8 | 0,97 | 1,05 | 1,01 |
| Кант кошулган минерал суулары жана алкоголсуз суусундуктар | 2,7 | 2,9 | 2,4 | 0,95 | 1,19 | 1,13 |
| Чыпкалоочу жана тазалоочу машиналар жана суюктук же газ үчүн жабдуулар | 2,4 | 1,0 | 1,4 | 2,48 | 0,68 | 1,69 |
| Полго төшөлмөлөр | 2,4 | 2,2 | 1,9 | 1,09 | 1,17 | 1,27 |
| Сырдоочу жана ийлөөчү заттар; боёочу зат | 2,3 | 2,7 | 1,7 | 0,87 | 1,58 | 1,38 |
| Теле үн алгылар | 2,3 | 1,7 | 1,0 | 1,34 | 1,76 | 2,35 |
| Термир жолдору же трамвай жолдору үчүн арматуралар жана бекиткичтер | 2,3 | 2,3 | 0,8 | 1,02 | 2,84 | 2,91 |
| Шымдар, арчындама шымдар, бриджилер жана чолок шымдар | 2,3 | 1,6 | 1,5 | 1,46 | 1,08 | 1,57 |
| Сырдалган керамика плиткалары | 2,3 | 1,5 | 1,5 | 1,51 | 0,99 | 1,50 |
| Башка минералдык чийки заттар | 2,3 | 2,2 | 0,8 | 1,01 | 2,71 | 2,73 |
| Темирден, болоттон жана жезден мыктар, гайкалар, чоң бурамалар ж.б.у.с. | 2,2 | 2,2 | 1,4 | 1,01 | 1,62 | 1,64 |
| Минерал майларына карата присадкалар ; антифриздер; майлоочу препараттар | 2,2 | 1,7 | 1,3 | 1,31 | 1,30 | 1,71 |
| Батареялар жана электроаккумуляторлор; алардын тетиктери | 2,2 | 0,1 | 1,6 | 25,75 | 0,05 | 1,41 |
| Электроаккумуляторлор | 2,2 | 1,9 | 1,5 | 1,14 | 1,24 | 1,42 |
| Балык, рак сыяктуу моллюскалар, сууда жашоочу омурткасыз жандыктар | 2,1 | 1,9 | 2,4 | 1,08 | 0,79 | 0,85 |
| Башка категорияда камтылбаган электр жылытуу аспаптары | 2,1 | 2,8 | 2,5 | 0,73 | 1,11 | 0,82 |
| Майдан жана сырдан тышкары, сүт, каймак, сүт азыктары | 2,0 | 1,9 | 1,8 | 1,05 | 1,09 | 1,14 |
| Бульдозерлер, грейдерлер жана өзү жүрүүчү тегиздегичтер | 2,0 | 0,7 | 0,3 | 2,84 | 2,33 | 6,62 |
| Башка категорияга камтылбаган ар кандай химиялык заттар | 2,0 | 3,6 | 1,8 | 0,54 | 1,98 | 1,07 |
| Чоюндан, болоттон же алюминийден жасалган, башка категорияга камтылбаган конс | 1,9 | 1,6 | 2,4 | 1,20 | 0,65 | 0,79 |
| Инсектициддер, родентициддер, фунгициддер, гербициддер | 1,8 | 1,9 | 1,6 | 0,93 | 1,22 | 1,14 |
| Аялдар жана кыздар үчүн трикотаждан тигилген же токулган кийим-кечелер | 1,7 | 1,2 | 1,8 | 1,47 | 0,65 | 0,96 |
| Жыгач-булалуу плита | 1,7 | 1,7 | 1,9 | 0,95 | 0,93 | 0,88 |
| *Жыйынтыгында номенклатура боюнча (млн. АКШ долл.)* | **560,5** | **521,2** | **472,0** | **1,08** | **1,10** | **1,19** |
| *Жыйынтыгында номенклатура боюнча (жалпы импорттон %)* | ***75%*** | | ***68%*** | | | |
| *Бардыгы болуп импорт* | **746,0** | | **691,0** | | | |

## 4-таблица. Баалардын жана экспорттун физикалык көлөмүнүн 2013-жылдын январь-февраль айлары үчүн

| *Товардын аталышы* | *2013-ж. 2 ай* млн.АКШ долл. *n13*p13* | *2012-ж. 2 ай* млн.АКШ долл. *n13*p12* | *2012-ж. 2 ай* млн.АКШ долл. *n12*p12* | *Индекстер* баасы | физ. көлөмү | нар-кы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | A | B | C | A/B | B/C | A/C |
| Монетардык эмес алтын (алтын кендеринен жана кошулмаларынан башка) | 48,3 | 47,9 | 96,3 | 1,01 | 0,50 | 0,50 |
| Мунай, мунай заттары жана ушундай эле башка материалдар | 24,9 | 24,7 | 15,4 | 1,01 | 1,60 | 1,61 |
| Жашылча-жемиштер | 15,2 | 13,0 | 14,5 | 1,17 | 0,90 | 1,05 |
| Жүк ташуу үчүн автоунаалар жана атайын багытка каралган автоунаалар | 7,7 | 3,1 | 2,9 | 2,53 | 1,07 | 2,70 |
| Органикалык эмес химиялык заттар | 5,8 | 6,6 | 2,5 | 0,88 | 2,66 | 2,34 |
| Пахта | 4,5 | 5,1 | 9,7 | 0,89 | 0,52 | 0,46 |
| Ысытуу лампалары | 4,3 | 4,5 | 3,2 | 0,94 | 1,40 | 1,32 |
| Резина дөңгөлөктөрү | 3,3 | 47,4 | 1,8 | 0,07 | 26,49 | 1,84 |
| Ар түрдүү баалуулукка жатпаган металлдар | 2,8 | 3,2 | 1,7 | 0,89 | 1,90 | 1,68 |
| Чоюн жана болот | 2,2 | 4,2 | 3,9 | 0,53 | 1,07 | 0,57 |
| Башка категорияларда камтылбаган, баалуулукка жатпаган түстүү металл сыныктары жана калдыктары | 2,2 | 2,6 | 1,2 | 0,84 | 2,27 | 1,90 |
| Көйнөктөр | 2,1 | 3,3 | 2,2 | 0,63 | 1,56 | 0,98 |
| Блузкалар, кофталар жана кофта-блузкалар | 1,9 | 2,9 | 1,5 | 0,64 | 1,96 | 1,25 |
| Тирүү малдар | 1,9 | 1,2 | 1,5 | 1,53 | 0,83 | 1,27 |
| Эт жана эт азыктары | 1,7 | 0,4 | 0,6 | 4,51 | 0,59 | 2,64 |
| Трикотаж же токулган чулки-байпак буюмдары | 1,7 | 2,1 | 1,4 | 0,78 | 1,50 | 1,17 |
| Кагаз, картон жана алардан жасалган буюмдар | 1,3 | 1,4 | 1,4 | 0,94 | 1,00 | 0,94 |
| Металл сыныктары жана кара металл калдыктары | 1,1 | 1,3 | 0,9 | 0,85 | 1,57 | 1,34 |
| Башка категорияда камтылбаган тамак аш азыктары жана препараттар | 1,0 | 5,5 | 0,9 | 0,18 | 6,39 | 1,12 |
| Шымдар, арчындама шымдар, бриджилер жана чолок шымдар | 1,0 | 1,3 | 1,5 | 0,71 | 0,93 | 0,66 |
| Термир жолдору же трамвай жолдору үчүн арматуралар жана бекиткичтер | 0,9 | 1,4 | 0,5 | 0,62 | 2,81 | 1,76 |
| Жеңил автомобилдер жана жүк ташууга багытталган транспорт каражаттары | 0,9 | 1,0 | 0,4 | 0,91 | 2,16 | 1,96 |
| Кол жана машина менен иштетүүчү инструменттер | 0,9 | 0,6 | 0,7 | 1,38 | 0,91 | 1,26 |
| Механикалык күрөктөр, экскаваторлор өзү жүрүүчү сузгуч жүктөгүчтөр | 0,8 | 0,1 | 0,1 | 6,83 | 1,60 | 10,93 |
| Портландцемент, цемент | 0,8 | 0,8 | 1,1 | 1,07 | 0,67 | 0,72 |
| Шымдар, арчындама шымдар, бриджилер жана чолок шымдар | 0,8 | 1,3 | 0,9 | 0,59 | 1,47 | 0,87 |
| Аялдар жана кыздар үчүн трикотаждан тигилген же токулган кийим-кечелер | 0,8 | 1,1 | 3,1 | 0,73 | 0,34 | 0,25 |
| Пальтолор, плащтар жана ушундай эле буюмдар | 0,7 | 0,9 | 1,4 | 0,81 | 0,60 | 0,49 |
| Курулушка иштетилген таш жана андан жасалган буюмдар | 0,7 | 0,7 | 0,3 | 1,03 | 2,18 | 2,24 |
| Айнектен суу куйгуч идиштер | 0,6 | 0,6 | 0,2 | 1,05 | 2,84 | 2,99 |
| Ири мүйүздүү мал терилери жана иштетилбеген булгаары | 0,6 | 0,8 | 1,2 | 0,77 | 0,65 | 0,50 |
| Башка категорияда камтылбаган, ичинен күймө поршендик кыймылдаткычтар | 0,6 | 0,2 | 0,2 | 2,20 | 1,00 | 2,20 |
| Кофе, чай, какао жана алар аралаштырып жасалган таттуу азыктар | 0,5 | 0,7 | 0,6 | 0,77 | 1,20 | 0,93 |
| *Жыйынтыгында номенклатура боюнча (млн. АКШ долл.)* | **144,2** | **191,9** | **175,4** | **0,75** | **1,09** | **0,82** |
| *Жыйынтыгында номенклатура боюнча (жалпы экспорттон %)* | ***81%*** | | ***78%*** | | | |
| *Бардыгы болуп экспорт* | **178,7** | | **223,8** | | | |

МАЗМУНУ

# Глоссарий

**Базалык инфляция** - баанын кыска мөөнөттүү, структуралык жана сезондук өзгөрүүлөрүн эске албаган инфляция катары аныкталат. Башкача айтканда, инфляция көрсөткүчүн эсептөөдөн (начар түшүмдүн алынышы, КММ рыногунда баа таасири, газга жана электрэнергиясына ж.б. тарифтердин административдик өзгөртүлүшү сыяктуу) сезондук же тышкы факторлор менен шартталган, товарларга баанын өсүшү алынып салынат.

Улуттук банк базалык инфляция динамикасын жөнөкөй алып салуу ыкмасында эсептейт. Бул ыкма КБИден аларга белгиленген баа ар кандай таасирлерге өтө эле ийкемдүү болгон товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым категорияларын же бүтүндөй тобун алып салууну түшүндүрөт. Адатта, мындай товарларга айрым азык-түлүк товарлары, энергопродукциялары жана Өкмөт тарабынан административдик жол менен белгиленген тарифтер кирет.

2010-жылдын апрелинен тартып Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети базалык инфляцияны жөнөкөй алып салуу ыкмасы менен эсептөөнү баштаган (2010-жылдын 29-апрелинде бекитилген №9 ыкмага ылайык). Эсептөөдө сүт, кант, мөмө-жемиш жана алкоголдук - тамеки продукциялары, КММ, «электрэнергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү» товардык тобу, жүргүнчүлөрдү ташуу транспортунун кызмат көрсөтүүлөрү, байланыш жана башкалар. Бүтүндөй алганда алынып салынуучу товарлардын үлүшү жалпы керектөө куржунунун 25 пайызын түзөт.

**Жөнгө салуунун калыбына келтирилген мамлекеттик казына векселдери** - бул, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Улуттук банк алдындагы карызын кайра тариздөөнүн натыйжасында, Финансы министрлиги тарабынан чыгарылган жүгүртүү мөөнөтү 3, 6 жана 12 айлык купондук баалуу кагаздар. Бул баалуу кагаздарды калыбына келтирүү төмөнкүчө: Улуттук банктын портфелиндеги МКВ(ж)лардын төлөө күнүндө Финансы министрлиги бир эле учурда төлөө менен бирге, төлөнгөн баалуу кагаздардын санына барабар санда, Улуттук банктын пайдасына МКВ(ж)лардын жаңы сериясын чыгарат.

**Мамлекеттик казына векселдери** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кыска мөөнөттүү (3, 6 жана 12 айлык) дисконттук мамлекеттик баалуу кагаздары. Финансы министрлиги МКВлардын эмитенти болуп саналат. МКВларды жайгаштыруу Улуттук банк тарабынан өткөрүлгөн аукциондор аркылуу жума сайын ишке ашырылат. Тике катышуучулар аукциондорго катышуу укугуна ээ (Улуттук банк менен келишим түзүшкөн алгачкы дилерлер, финансы-кредиттик мекемелер). Юридикалык жактар сыяктуу эле, жеке адамдар дагы Кыргыз Республикасынын МКВларынын ээси боло алышат. Чет өлкө инвесторлорунун МКВлар рыногуна кирүү мүмкүнчүлүгү чектелген эмес. МКВлардын экинчилик рыногундагы бүтүмдөр Улуттук банктын электрондук соода системасы аркылуу жүзөгө ашырылат, ал алгачкы дилерлерге жана алардын кардарларына МКВларды өз жумуш ордуларынан сатып алуу/сатуу боюнча операцияларды жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

**Мамлекеттик казына облигациялары** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн пайыздык кирешеси (купон) жана жүгүртүү мөөнөтү 1 жылдан жогору болгон узак мөөнөттүү мамлекеттик баалуу кагаздар. Финансы министрлиги МКОнун эмитенти болуп саналат. Улуттук банк, МКОнун чыгарылыштарын тейлөө боюнча Генералдык агенттик болуп саналат.

**Акча базасы** – Улуттук банктын жүгүртүүгө чыгарылган нак акча каражаттары боюнча милдеттенмелери жана Улуттук банктын Кыргыз Республикасынын улуттук валютадагы башка депозиттик корпорациялар алдындагы милдеттенмелери.

**Акча топтому** – ликвиддүүлүк деңгээли боюнча классификацияланган акча массасы: М0; М1; М2; М2Х.
**М0** – банктардан тышкаркы акча.

**M1** – M0 + талап боюнча төлөнүүчү улуттук валютадагы депозиттер.
**M2** – M1 + улуттук валютадагы мөөнөттүү депозиттер.
**M2X** – M2 + чет өлкө валютасындагы депозиттер.

**Жүгүртүүдөгү акча** – Улуттук банктын кассасындагы нак акчаларды эсептеп алып салуу менен Улуттук банк тарабынан жүгүртүүгө чыгарылган нак акча.

**Ички дүң продукциянын дефлятору** - бул, экономикадагы баалардын өсүшү эсебинен ИДӨдөгү өзгөрүүлөрдү мүнөздөгөн, экономика тармактарынын бааларынын жыйынтыктап алынган индекси. ИДӨнүн дефлятору өтүп жаткан жылдын баасындагы номиналдык ИДӨнүн өткөн жылдын баасындагы ИДӨнүн өлчөмүнө карата катышы катары эсептелинет.

**Башка депозиттик корпорациялар** – бул, борбордук банктан тышкаркы, бардык финансылык корпорациялар – резиденттер, финансылык ортомчулук алардын ишинин негизги түрү болуп саналат жана алар кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын (M2X) улуттук аныктамасына кирген милдеттенмелерди эмитирлешет.

**Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси** - жергиликтүү өндүрүүчүлөр өз продукцияларынын алынган сатуу баасындагы орточо өзгөрүүлөрдү өлчөйт. КБИ эсептөөлөрүндө колдонулган маалыматтар экономиканын өндүрүш секторунун дээрлик ар бир тармагынын ишин чагылдырган 148 ишканадан алынат. Бул ишканалардын тизмесине тиешелүү регионго мүнөздүү болгон жана менчик формасынан көз карандысыз ошол өнөр-жай тармагы үчүн типтүү болгон ишканалар кирет.

**Инфляция** экономикада керектөө баасынын жалпы деңгээлинин жогорулоосун түшүндүрөт. Инфляция деңгээлине сандык баа берүү үчүн керектөө баасынын индекси (КБИ) колдонулат. КБИ калайык-калк өндүрүштүк эмес керектөө үчүн сатып алган товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баа деңгээлинин өзгөрүүсүн чагылдырат. Индексти эсептөөдө тандалып алынган 342 товардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сатып алуу баасы колдонулат, тандалып алынгандар 7 шаардык жана 2 райондук борборлордогу соода жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн 1496 ишканаларына айына 45 миң баага чейинкини түзөт.

**«Овернайт» кредити** улуттук валютада күрөөлүк камсыздоо алдында, банктын кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүгүн колдоо үчүн бир күнгө берилет. Күрөөлүк камсыздоо катары Кыргыз Республикасынын Улуттук банк аркылуу жайгаштырылган, «овернайт» кредити берилген күндөн тартып 12 айга чейинки төлөө мөөнөтүнө ээ, мамлекеттик баалуу кагаздары кабыл алынат. Алар боюнча пайыздык чен Улуттук банктын эсептик ченинен 1,2 өлчөмүндө белгиленет. Бул кредит коммерциялык банктын демилгеси боюнча берилип турат.

**Кайра каржылоо кредити** – Улуттук банк тарабынан кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо максаттары үчүн кредиттик аукцион өткөрүү аркылуу банктарга сунушталуучу улуттук валютадагы кредиттик ресурстар/ акча каражаттары. Кайра каржылоо кредити банктарга мөөнөттүүлүк (1 айдан 6 айга чейин), төлөөгө жөндөмдүүлүк жана кайтарымдуулук шарттарында, белгиленген пайыздык ченде, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздар түрүндө күрөөлүк камсыздоо алдында берилет. Кредиттик каражаттарды берүү шарттары жана алардын көлөмү Улуттук банктын Акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин чечими менен аныкталат.

**Финансылык эмес активдер** экономикалык активдердин төмөнкү категорияларын өзүндө камтыйт: негизги фондулар, материалдык жүгүртүү каражаттарынын запастары, баалуулуктар жана өндүрүлбөгөн активдер (табигый жана материалдык эмес).

**Ноталар** – бул, Улуттук банк тарабынан 7, 14, 28, 91 жана 182 күндүк мөөнөткө жумалык аукциондордо жүгүртүүгө чыгарылган мамлекеттик кыска мөөнөттүү баалуу кагаздар. Алардын кире-

шелүүлүгү коммерциялык банктардын талабы жана сунушуна жараша аныкталат. Банк тутумунан улуттук валютадагы ликвиддүүлүктү алып салуу, ноталардын аукциондорун өткөрүү максаты болуп саналат.

**Улуттук банктын репо операциялары** - бул, мамлекеттик баалуу кагаздарды келечекте белгиленген күнү жана алдын-ала макулдашылган баада кайтара сатуу/сатып алуу милдеттенмеси менен сатып алуу (тике репо)/сатуу (кайтарым репо) операциясы.

**Өндүрүштүк ажырым (же ИДӨ ажырымы)**- бул, ИДӨнүн потенциалдуу мүмкүн болуучу жана айкын көлөмүнүн ортосундагы айырма. Өндүрүштөгү ажырым экономиканы активдештирүү жана стагнациялоо индикатору болушу мүмкүн. Эгерде айкын ИДӨ потенциалдуудан аз болгон шартта (Y<Y*), экономикада «рецессия ажырымы» түптөлгөн деп эсептөө кабыл алынган, ал дефляциялык процесстердин болушунун ыктымалдуулугун көрсөтөт. Ал эми тескерисинче, айкын ИДӨ потенциалдуудан чоң болгон (Y>Y*) шартта, чогуу алгандагы суроо-талаптын өсүшү чогуу алгандагы сунуштун өсүшүнөн артат, бул инфляциялык басымдын күчөшүнө түрткү берет.

ИДӨ ажырымы айкын жана потенциалдуу ИДӨнүн катышы катары эсептелет:

$GAP_t = \dfrac{GDP_t}{GDP_POT} - 1$, мында:

$GAP_t$ - t убактысы учурунда ИДӨ ажырымы;

$GDP_t$ - t убактысы учурунда айкын ИДӨ;

$GDP_POT$ - потенциалдуу ИДӨ.

**Мамлекеттик бюджеттин операциялык ишке чыгашалары** – бул, финансылык эмес активдерди сатып алуу боюнча операцияларды кошпогондо, мамлекеттик башкаруу секторунун активдеринин таза наркынын азайышына алып келген бардык операциялар.

**Своп операциялар** – бул, улуттук валютадагы акча каражаттарын чет өлкө валютасындагы эквиваленттүү суммага алмашуу, же тескерисинче алдын ала макулдашылган шарттарда негизги суммаларды жана чегерилген пайыздарды кайтара алмашуу милдеттенмеси менен ишке ашырылган операциялар.

**Калайык-калктын акчалай кирешелеринин квинтиль топтору боюнча түзүмү** калктын кирешелеринин өлчөмү боюнча, алардын ар бири калктын 20 пайызынан турган 5 (квинтиль) топтор боюнча дифференциацияланышын чагылдырат. Калктын кирешелерин дифференциациялоону аныктоонун мындай ыкмасы, калктын жалпы санын мисалы, коомдун жалпы кирешесин кирешеси көбүрөөк же аз кирешелүү топторго кирген калктын үлүшүнө бөлө алгандай негизде, беш бирдей топко бөлүүнү болжолдойт.

**Эсептик чен** – бул, экономикадагы акча ресурсунун наркын аныктоо үчүн негизги ориентир катары пайдаланылган каражат. Эсептик чендин өлчөмү, Улуттук банктын ноталарын жайгаштыруу боюнча акыркы төрт аукциондогу банктын 28 күндүк ноталарынын кирешелүүлүгүнүн орточо белгисине теңештирилген.

**GSCI-ag** (Goldman Sachs Commodity Index-agricultural) – физикалык азык-түлүк (айыл-чарба) товарларына жигердүү сатылуучу фьючерстик контрактылардын баа индекси – бул биржалык товарларды топ катары көрсөтүү үчүн «Goldman Sachs» инвестициялык банкы тарабынан иштелип чыккан.

## Кыскартуулардын тизмеси

| | |
|---|---|
| ИДӨ | Ички дүң продукт |
| МКВ | Мамлекеттик казна векселдери |
| МКВ (ж) | Жөнгө салуунун калыбына келтирилген мамлекеттик казына векселдери |
| МКО | Мамлекеттик казна облигациялары |
| МИ | Мамлекеттик ишкана |
| КММ | Күйүүчү-майлоочу материалдар |
| МБК | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматы |
| ДКН | Дүң кошумча нарк |
| КБИ | Керектөө бааларынын индекси |
| ӨБИ | Өндүрүүчүлөрдүн баа индекси |
| АКЖК | Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| АЧМ | Айыл-чарба министрлиги |
| УСК | Улуттук статистика комитети |
| БФКМ | Банктык эмес финансы-кредиттик мекеме |
| ЖЧК | Жоопкерчилиги чектелген коом |
| СИФ | Импортердун чек арасындагы баа (cost, insurance, freight) |
| КМШ | Көз карандысыз Мамлекеттер шериктештиги |
| АКШ | Америка Кошмо Штаты |
| БРАФ | Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду |
| ФОБ | Экспортер өлкөнүн чек арасындагы баа (free on board) |
| GSCI-ag | Goldman Sachs Commodity Index-agricultural |